# Кыргыз тили

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

| №10 (284) | **31.10.2022.** | e-mail: kyrgyztili@mail.ru



# XX КЫЛЫМДЫН УУЛДАРЫ

*Билсин бизди, жаш муундар мактасын,*
*Эскиртпесин эстеринде сактасын.*
*Алдыбызда өмүр турат түгөнгүс,*
*Артыбызда өлбөй турган эл калсын!*

**Алыкул**

Темирбек ОСМОНАЛИЕВ, КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын жетектөөчү адиси



## БЕЧЕЛ БОЙДОН КАЛА БЕРЕБИ?

4-БЕТ

Миргүл КАШКАРИЕВА, Б.Сыдыков атындагы Кыргыз- өзбек эл аралык университетинин окутуучусу.



## МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИН ЭКОЛОГИЯСЫ

5-БЕТ



## АК БУЛУТТАР...

16-БЕТ

# Өнөктүктүн өрнөгү

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин төрагасынын орун басары Э.Байсалов тарабынан 2022-жылдын 23-августунда бекитилген «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 33 жылдыгына карата мамлекеттик тилдин бир айлыгы боюнча иш-чаралардын планынын аткарылышы тууралуу маалымат**

Мамлекеттик тилдин бир айлыгы жана мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча маалыматтар, интервьюлар УТРКнын "Ала-Тоо 24" каналында "Маанилүү маек", "1-студия", "Замана", "Маданият, тарых, тил" каналынын "Улут наркы улуу тил" берүүсү, Кыргыз радиосунун "Башат" берүүсү, Келечек студиясы, Биринчи радиосу аркылуу, андан сырткары ЭЛТР "Күн маек", Азаттык, Спутник, Марал радиосу ж.б. жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу жайылтылды. Мамлекеттик тилдин бир айлыгы бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, райондук мамлекеттик администрациялар, Бишкек жана Ош шаар мэриялары, Улуттук аттестациялык комиссия жана КР Улуттук илимдер академиясы ж.б. тарабынан жигердүү белгиленди.

Чет жердеги мекендештер арасында «Дүйнө кыргыз тилинде сүйлөйт» флешмобу КР Тышкы иштер министрлиги, "Замандаш" ассоциациясы, Окуу-маалыматтык борбору менен биргеликте чет жердеги мекендештер арасында 19-сентябрдан тартып 23-сентябрга чейин өттү. Аталган флешмобго Россия, Өзбекстан, Германия, Пакистан, Беларус, Япония, Венгрия, Бельгия, Кытай, Австриядагы кыргыз диаспоралары, элчиликтери жигердүү катышты.

М:КР Өзбекстандагы элчилиги тарабынан мамлекеттик тил күнүнө карата 2022-жылдын 19-сентябрында Ташкент облусунун Паркент районунун №33 орто мектебинде кыргыз ыр-бийлери боюнча сынак, ал эми 20-сентябрында Жизак облусунун Бахмаль районундагы № 21 орто мектебинде адабий кечеси уюштурулуп, кыргыз акындарынын ырлары окулду. Японияда Кыргыз-япон маданий алмашуу уюму тарабынан "Дүйнө кыргыз тилинде сүйлөйт" флешмобун өткөрүлүп, видеосюжет даярдалды. Кыргызстандын Венгриядагы элчилиги уюштурган иш-чарада кыргыз жана венгер улутундагы жарандар "Сары ой" элдик ырын комуз менен ырдашкан. Ал эми Германияда 19-сентябрда уюштурулган салтанаттуу иш-чараны КР Германиядагы Атайын жана Ыйгарым укуктуу элчиси Ө.Текебаев ачып, катышуучуларга Кыргызстан жана анын маданияты тууралуу маалымат берди. Иш-чарага Германияда окуган студенттер, эмгектенген КР жарандары катышкан. Мамлекеттик тил күнүн италия эли менен бирге майрамдоо үчүн Италиядагы элчилик кыргыз жарандарын Неаполь шаарынын башкы аянтына чогултуп, катышуучуларга кыргыздын улуттук кийимдерин, музыкалык аспаптарын демонстрациялоо менен концерт көрсөтүлгөн.

23-сентябрь күнү КРдин Бельгиядагы дипломатиялык мекемеси Франциянын Тулуза шаарындагы университеттин жана Бельгиянын Брюссель шаарындагы университеттин кыргыз жана чет элдик студенттери менен кыргыз тили жөнүндө ырлар окулду.

"Кыргызтест" мамлекеттик ишканасы тарабынан Бишкек жана Ош шаарынын соода борборлорунда, парктарда жана коомдук жайларда коомчулуктун катышуусунда оффлайн тест тапшыруу өнөктүгүн өткөрүштү. Улуттук "Кыргызтест" системасын чет өлкөлөрдөгү мекендештер арасында кеңири таанытуу максатында Түркмөнстан, Россия, Кытай, Австрия, Азербайжан, Сауд Арабиясы, Улуу Британиядагы кыргыз элчиликтери мамлекеттик тил боюнча "Кыргызтест" системасы аркылуу онлайн тест тапшырышты.

КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги "Кыргыз тилим кымбатым", "Улут болсом тилим менен улутмун" темасында флешмоб өткөрүлдү. Андан сырткары, Бишкек шаарындагы Билим берүү борборлору тарабынан мектепке чейинки жана жалпы билим берүү мекемелеринде 30 жашка чейинки жана андан улуу кызматкерлер арасында кыргыз тилин даназалаган "Дилгир" сынагы уюштурулду ж.б.

Кыргызстандагы ири 3 уюлдук "Мегаком", "Билайн" жана "О" компаниялары аркылуу тарбиялык мааниси бар макал-лакап, учкул сөздөр, куттуктоо СМСтери 12-сентябрдан 1-октябрга чейин 4 ирет республикалык масштабда жарандардын чөнтөк телефондоруна жиберилди.

КР Билим берүү жана илим министрлиги менен биргеликте "Мамлекеттик тилди окутуунун методологиясын жана технологиясын өркүндөтүү" аталышындагы кереге кеңеш Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин төрагасынын орун басары Э. Ж. Байсаловдун катышуусунда 7-октябрда И.Раззаков атындагы КТУда өткөрүлдү. Бир айлыктын алкагында республиканын бардык билим берүү мекемелеринде илимий-интеллектуалдык, маданий иш-чараларды, жолугушуу, дебат, кереге кеңеш, маалыматтык сааттарды, дил баян, көркөм окуу, мыкты видео сабак ж.б. сынактар болду.

Бишкек шаарынын мэриясы тарабынан "Мамлекеттик тилде иш кагаздарын жүргүзгөн мыкты мекеме", "Мамлекеттик тилде иш кагаздарын жүргүзгөн мыкты адис" сынагына Биринчи май, Ленин, Октябрь, Свердлов райондорунун Билим берүү борборлорунун мугалимдери жана тарбиячылары катышты.

КР Билим берүү жана илим министрлиги Эл аралык инновациялык технологиялар университети менен биргеликте "Жаңы маалымат технологиялары жана мамлекеттик тил" аталышындагы студенттер арасында өтүлүүчү сынак 15-ноябрга чейин жарыяланды. Сынак студенттерди ар кандай жаңы ойлоп табууларга шыктандыруу менен, ар кандай программалоонун тилин мамлекеттик тилге өткөрүүгө багытталган.

2022-жылдын 10-октябрында КР Улуттук илимдер академиясында "Кыргыз терминологиясынын азыркы абалы жана келечеги" аттуу илимий-практикалык конференция өттү. Конференцияга КР Президентинин Администрациясынын өкүлдөрү, окумушуу-илимпоздор, мамлекеттик органдардын тил адистери катышып, учурдагы терминология маселелери талкууга алынды.

Бишкек шаарынын райондорунун аймагында, Ош облусунда жана Ош шаарында сырткы жарнамаларды "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" жана "Жарнама жөнүндө" мыйзамдарынын талаптарына ылайык келтирүү боюнча тиешелүү мамлекеттик мекемелердин кызматкерлери тарабынан биргелешкен рейддер уюштурулуп, талаптарга жооп бербеген сырткы жарнамаларды алуу иштери жүргүзүлдү. Натыйжада Бишкек шаары боюнча сентябрь айында 226 жарнама баннери, 78 штендер алынып, 512 эскертүү кагазы берилсе, ал эми Ош облусунда 215, Ош шаарында 54 жарнама алынды. Ушундай эле иштер Жалал-Абад облусунда уланып жалпысынан 136дан ашуун мыйзам талаптарына жооп бербеген жарнамалар алынды.

"Илим – мамлекеттик тилде" аталыштагы илимий-практикалык конференция КР Президентине караштуу Улуттук аттестациялоо комиссиясы, Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту тарабынан үстүбүздөгү жылдын 13-октябрында КР Улуттук илимдер академиясында өттү. Конференцияда окумуштуулар тарабынан 11 баяндама жасалып, мамлекеттик тилдин илимдеги орду, медицина, биология, юриспруденция, искусстводо жана техникалык илимдеги абалы, статистикалык анализдер талкууга алынды.

22-сентябрда А.Осмонов атындагы КР Улуттук китепканасында "Тилим менен улукмун, тилим менен улутмун" аттуу адабий кечеси, андан сырткары КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинде 27-сентябрь күнү "Тил –улуттун жүрөгү" окурмандар кыргыз поэзия залкарларынын ырларынан көркөм окуу, 29-сентябрында "Менин жерим-менин ааламым" Neb.kq сайтындагы электрондук китептер аттуу виртуалдык көргөзмө, 30-сентябрь "Кыргыз тили акындардын ыр сабында" Б.Сарногоевдин, Э.Ибраевдин чыгармаларынан көркөм окулду.

КР Ички иштер минстрлигинин Ж.Шабиров атындагы Республикалык окуу борборунда 9-сентябрь күнү "Тилимди коргогонум – мекенди коргогонум" аталышындагы мекенчил ырлардын сынагы уюштурулду.

КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия жана Эл аралык университети менен биргеликте өлкөдө билим алып жаткан чет өлкөлүк студенттер арасындагы «Кыргыз адабий чыгармаларын көркөм окуу» фестивалы уюштурулуп, жыйынтыгы 17-октябрда чыгарылды.

Балдарга арналган берүүлөрдү, анимациялык фильмдерди тартуу боюнча "2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасынын" алкагында 2021-жылы "мультфильмдерди кыргыз тилине которуу" милдети боюнча узак мөөнөткө (үч жылга) лицензия алуу аркылуу жалпысынан 13 аталыштагы 347 сериялуу 4793 мүнөттүк (89 саат) анимациялык мультфилмдер кыргыз тилине которулуп, эфирден көрсөтүлүүдө. Ушул эле мазмундагы иштер был жылы да улантылат.

КР электрондук энциклопедиясынын алгачкы этабын коомчулукка презентациялоо иши КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия Кыргызстан калкынын Ассамблеясы менен бирге мамлекеттик тилдин бир айлыгынын жыйынтыктоо иш чарасын өткөрдү. Жыйын 11-октябрда Улуттук тарых музейинде КР Президентинин Администрациясынын өкүлдөрү, КР Жогорку Кеңешинин депутаттары, коомдук жана мамлекеттик ишмерлер, интеллигенция өкүлдөрү, билим берүү, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер жана ЖМК өкүлдөрүнүн катышуусунда өттү. Жыйында КР Мамлекеттик катчысы С.Касмамбетов, легендарлуу парламенттин төрагасы М.Шеримкулов, Кыргызстан калкынын Ассамблеясынын төрагасы А.Эркебаевдер куттуктоо сөзүн сүйлөп, Мамлекеттик тил комиссиясынын төрагасы К.Осмоналиев бир айлыктын алкагында аткарылган иштер тууралуу маалымат берип, жигердүү катышкан инсандарды жана мекемелерди белгилөө менен сыйлык тапшырды. Жыйын китеп жана сүрөт көргөзмөсү, атайын даярдалган даректүү фильм менен башталып, Кыргызстан калкынын Ассамблеясы тарабынан даярдалган концерттик программа менен жыйынтыкталды.

**Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана уюштуруу иштери бөлүмү**

# Иштиктүү иш сапар

Октябрь айынын экинчи аптасынан тарта өлкөнүн түштүк аймагынын көпчүлүк райондорун кыдырып келдик. Максатыбыз – "Кыргыз тили" газетасына жазылуу өнөктүк иш-аракетин жергиликтүү башкаруу бийлиги менен акылдашуу, мерчемдөө, мамлекеттик тилди колдонуу жана өнүктүрүүнүн алабалы менен да таанышуу эле. Биз менен маселен, Ноокат районунан башталып, Токтогул районунан жыйынтыкталган иш сапарда мам. тил комиссиясынын түштүк аймагы боюнча адис кызматкери Эркайым Маматкарим кызы да бирге жүрдү.

Албетте, көзмө-көз, жандуу баарлашуу, талкуу, сын, сунуш-пикирлер болду. Кайда барбайлы: область, район, айыл өкмөт, мекеме, ишкана жетекчилери кагылайын эне тилибизге жан күйөөр мамиледе, милдет, жоопкерчиликте экендиги кубандырды жана газетабыздын келерки жылкы нускасы буйруса, азыркысынан алда канча арбын болоор деген, ишеним бекемделди. Дегеле, аталган аймакта мамлекет башчысынын элибиздин нарк-насил, руханий баалуулуктарын кеңири жайылтуу, өнүктүрүү багыттарды буйруктарын турмушка ашыруу жана кыргыз тилинин эртеңкиси тууралуу жүргүзүлүп жаткан демилгелүү иш-аракеттерге күбө болдук да, жакшы тилек, жарык үмүт менен иш сапарыбызды карыттык.

**Редакция**

# ДӨӨРҮМӨ ЛИНГВИСТИКА



**Эсенбай НУРУШЕВ,**
**адабиятчы.**

Мындан эки жылдай мурда таанымал иранисттердин жана арабисттердин бири, БГУнун профессору Валимжан Таңырыковдун "Койчу көп болсо, кой арам өлөт" деген китеби чыкты. Бу киши өткөн кылымдын экинчи жарымында отуз жылдай мусулман өлкөлөрүндө иштеген, СССРдин ошо кездеги аскерий ири төбөлдөрүнө, анын ичинде коргоо министрининин биринчи орун басарына, мындан тышкары Сириянын мурдагы лидери Хафез Асадга англис, орус жана араб тилдеринен тилмеч болуп кызмат кылган. Араптар менен ирандыктардын тилин алар менен тең билбесе, кем билбейт.

Арабисттин аталган китебинде "Манас" эпосунун түшүндүрмө сөздүгү" аталышында академиялык тилчилер түзгөн лугаттагы ("Бийиктик плюс", 2015) бир катар сөздөрдүн, мисалы, зайыппуруш, жазайыл, мубакүл, алеңгир, бадирек, бадана ж.б.у.с. айтымдардын этимологиясындагы мүчүлүштүктөр көрсөтүлгөн. Ошол кемчиликтерге жаны ачыган автор: "Биздин кыргыз эне тилин үйрөнүүдө дале үңкүрдөн чыга элек окшойт",-деп каңырык түтөтөт.

Таңырыков белгилеген мисалдардын баарына токтолуп отурбайлы, болгону биздин эпостун бардык варианттарында кеңири колдонулган, ошондон улам көңкү кыргызга жакшы белгилүү "асаба" сөзүн академиялык тилчилер кандай тапсирлешкенине токтоло кетели.

Эпостун түшүндүрмө сөздүгүн түзгөндөр "асабаны", биринчиден, арапча "аса, таяк" дегенден чыгарып, тууну же желекти асып, тага турган шыргый маанисинде чечмелешет. Экинчиден, "асма, асылма – ас+аба =абага ас деген сөздөн чыккан дешке негиз бар" деп көрсөтүшөт.

"Негиз" деп, сыягы, алар 2011-жылы Ayrasya press басылмасынан чыккан "Кыргыз тилинин сөздүгүн" эсептешет сыяктанат. Аталган лугатта (түзүүчүлөр арасында академиктер ,илимдин докторлору жана башка белгилүү адабиятчы-тилчилер бар экенин айта кетели) түз эле мамындай так кесер бүтүм жасалат: "Сөздүн түпкү теги асма, асылма дегенди туюнтат. Туу, желек асылып коюлуучу жыгач. Желектин, туунун жыгачы менен чүпүрөгү бөлүнбөй бир түшүнүк катары кабыл алуунун натыйжасында жалпы жонунан желекти (тууну эмес) туюнтуп калат".

Таңырыков мындай ыспаттамаларды таптакыр макул таппайт. "Асабаны" таяк десек, анда аны кантип абага асса болот? –деп собол койот арабист. Тууну, желекти же байракты абага аскан эл дүйнөдө бар бекен?

Таңырыков арап сөздүктөрүнө таянып, "аса" менен "асабанын" ортосунда эч кандай байланыш жок экенин көрсөтөт. "Аса" – арап тилинде Мусанын таягын (посох Моисея) билдирет, ал бизге "аса-муса" болуп кирген. "Асабага" келсек, анын бир мааниси башка ороп же байлап ала турган кездемени, матаны, оромолду, жоолукту түшүндүрөт. Чалма, селде да ушу мааниде айтылат.

Иши кылып, асаба - таяк эмес. Бу сөз кыргызга желек, байрак маанисинде кирген жана негизинен элдик дастандарда, айрыкча "Манаста" кеңири учурайт. "Эгер корутунду чыгарсак, туу – сап, каскак, шыргый. Ал эми желек, асаба, байрак – туунун кездемеси, анын чүпүрөгү (полотнище). Бирок асаба да, байрак да, желек да эпосто туу менен бир түшүнүктү түзүп, туу, асаба, байрак, желек болуп айтыла берет".

Бул пикирин далилдеш үчүн автор Сагымбай манасчыдан кең-кесири мисалдарды келтирет. Аларда айрыкча асабасы желбиреп, асабасы жайылып, асабасы жалпылдап дегендей айтымдар арбын жолугат. Асаба таяк болсо, ал минтип желге жайылып, желбиреп, жалпылдап турмак эмес. Арап-иран тилдери боюнча адис Таңырыковдун пикири жалпысынан ушундай. Бизге таанымал арабисттин бул ойлорун бекемдеп коюш гана калат.

Баарыдан мурда "асаба" белгилүү түркий булактар менен сөздүктөрдө катталган эмес. Ал орхон-енисей жазмаларында, Махмуд Кашкариде, байыркы түрк лугатында (ДТС, 1969), Жерард Клосондун (An Etymological Dictionary of pre-thirteenth-century Turkish. Oxford: Clarendon Press. 1972), Эрванд Севортяндын редакциясындагы түрк тилдеринин этимологиялык сөздүгүндө (ЭСТЯ, I том, 1974) жок. Алтай тилдеринин этимологиялык сөздүгүндө (Etymological dictionary of the Altaic languages, 2003) да кезикпейт.

Демек, "асаба" бизге байыркы лексема, түпкү аталым боло албайт, ал когнат эмес, агнат, б.а. келгин сөз. (Латынча cognat –кровный родственник, кандаш тууган; agnat - не кровный родственник, алыскы тууган). Адатта мындайды өздөштүрүлгөн сөз деп жүрбөйбүзбү. Андай болгон соң анын түпкү тегин кыргызча асма, асылма деген төл сөздөрдөн чыгарып, буга кошумча ас+аба =абага ас кылып чечмелөө бери эле дегенде күлкү келтирет.



"Асаба" арап сөзү экенине, анын "аса"(таяк) менен байланышы жоктугуна ынаныш үчүн абройлуу арабисттерди, айрыкча Х. Барановдун (Арабско- русский словарь. М., "Русский язык", 1985), В. Борисовдун (Русско-арабский словарь. М., Сам Интернешнл, 1993) сөздүктөрүн карап койуш эле жетиштүү болмок. Биринчи болуп бу эки сөздүн төркүн-төсүн, алар түрк тилдерине кантип, кандай мааниде киргенин Лазарь Будагов көрсөткөн (Сравнительный словарь турецко-татарских наречий со включением употребительнейших слов арабских и персидских, СПб., I т. 1869; кийинки басылганы: М., "Восточная литература", 1960). Анын сөздүгүндө мындай делинет:

[аса] - араб. палка, посох, жезл Моисея, которым он творил чудеса; наказание, дисциплина.

[асабе] - это слово вошло в турецко-татарские наречия как юридический термин, означающий родственников. В арабском языке слово asaba означает родственника со стороны отца.

Муну азыркы ислам аалымдары да ырасташат. Алардын бири мындай деп жазат: "асаба - это мужское родство по мужской фамильной линии, оно изначально означало "дух кровного родства" в семье или в племени" (караңыз: islam-today.ru. 10-февраль 2015).

В. Радловдо "асабанын" эки мааниси: биринчиси - жакынкы мураскер (ближайший наследник), экинчиси – желек (флаг) болуп көрсөтүлгөн ("Опыт словаря тюркских наречий", 1889; Опыт словаря тюркских наречий. В 4 томах. т. IY. М., 1963). Мунун экинчиси бизде, "Манаста", башка элдик дастан-жомоктордо кеңири учурайт. Мындан биз сөздүн семантикалык жактан өзгөрүшүн көрөбүз, демек, асаба Радловго чейин эле кыргызда туу, желек маанисине өтүп кеткен экен. Боордош казактарда ал той башкарган кишини билдирген шекилди, бери эле дегенде "асабасы жоқ асқа жарымас" деген макал пайда болгон. Ушу азыр деле казак туугандар асабаны тамада дешет. (https://sozdik.kz/ru/dictionary).

Дегинкисинде бу сөздүн тегерегинде арбан-дарбаан кеп чыкканына көп жыл болду. Талашка адегенде аксакал академиктердин бири тамызгы таштады. Аны кийин айрым аттуу-баштуу тарыхчылар улантып, асаба - таяк, аны бакшылар менен дервиштер, күлапса тийип, безик болгон адамдар (прокаженные) алып жүрөт деп ырасташты. Аларга "элдик лингвисттер", акырында депутаттар кошулду. Көрсө, асабаны желек деп К.Юдахин туура эмес которуп, ошондон улам кыргыздар арасына натуура мааниде жайылып кетиптир. "Манаста" да ушундай имиш: эпосто арбын жолуккан бу сөздү көпчүлүк желек маанисинде туура эмес түшүнүп жүрүптүр, чындыгында ал уруш маалында аскерлерге мөлчөр болчу белги таякты (опознавательный знак на древке) билдирет экен.

Эпостун классикалык варианттарында асаба дегеле таяк маанисинде айтылбайт. Саякбай манасчыда, маселен, Эсенкан Манасты кармап келгиле деп Жолой менен Дөңгөнү жөнөтөт эмеспи. Алар "жети асаба түмөн кол" менен келет, Дөңгөсү өлүп, Жолою качып кутулат (С. К. "Манас".2010. 117). Эгер асабаны таяк десек, анда муну колу кытай-калмактын он миң колу кыргыздарга жети бакан көтөрүп келген экен деп түшүнсөк болот.

Сагымбай манасчыда көзкамандар Таласка көчүп келгенде Манас той берип, аларга урмат көрсөтөт. "Ногойдон калган кызыл туу, ойонуң Манас барында, тууганга кылган кызмат бу, аягын жерге сайылтып, асабасын жайылтып, көтөртүп чыгып койдуруп",- деп айтылат бул окуя (1227). Мында асаба туунун кездемеси экени көрүнүп турат.

Акырында Жүсүп Мамайдан (Шинжиаң. 2004) да айрым мисалдарды келтире кетели. "Кырк чорону кошчу алып, хан Бакайды кошо алып, кызыл желек туу алып" (80) Манас карындашы Кардыгачка жардамга барат. Көкөтөйдүн ашына адегенде Нескара келет: "Келген байрак, асаба, кызылы аз, көгү көп, жол-жол болгон алача, баш кишиси Нескара, жанында дөөлөр бир канча, сарала байрак желеги" (123). Алардын соңунан Коңурбайдын колу келет: "Алты байрак туусу бар, ар бир туусу түмөндөн, арбын келди бу элден"(124).

***

**P.S.** Жыйынтыктап айтканда, "асаба" деген сөздүн түпкү маанисин ас+аба =абага ас дегенден чыгарган биздин лугатчылардын фантазиясы кадимки эле лингвофриктердин (lingуofreaks – дөөрүмө лингвисттердин) логикасын эске салат. Орустарда, маселен, алар англисче strawberry (кулпунай) дегенди "с трав бери", baby (бөбөк) - "бабий", London- "лоно Дона", britons (бриттер) - "бритые" ж.б.у.с. деп далбастап жүрүшөт. Мындай мисалдар толуп атат, биздеги лингвофриктер алардан кем калышпайт.

Бизде фолк-лингвистика (folk linguistics) фолк-хистори менен колтукташа өнүгүп жатат, алардын айрым өкүлдөрүн кай бир "озук ойчулдар", айрыкча медиа чөйрөсүндөгү чала сабат машаяктар калкка "жаңы авторитет" кылып ташбыйкаттап жүрүшөт. Азыркы модалуу термин менен айтканда, фейк-лингвисттер менен фейк-тарыхчыларга, алардын жалган теорияларына каяша кылган олуттуу окумуштуулар, илимий мекемелер да калбай баратат.

Мындай абалда фолк-лингвистика менен фолк-хистори акыры келип рационалдык илимдин ордун ээлеп алышы ажеп эмес.

№10 (284)

31
10
2022

kyrgyztili@mail.ru

# Бечел бойдон кала береби?



**Темирбек ОСМОНАЛИЕВ, КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын жетектөөчү адиси.**




Тил саясаты туура жүргүзүлбөсө эне тилибиздин аброю алсызданып, баркы кетет, эне тилин чангандар көбөйөт. Азыркы учурда кыргызча же орусча эмес өзүнчө бир аралашма тил пайда болду. Бишкек шаарындагы көпчүлүк жаштар, анын ичинде мамлекеттик мекемелерде иштеген жаштар, орус тилинде баарлашып, кыргыз тилинде кеп куруудан арданышат. Массалык маалымат каражаттарында эмгектенгендердин, өзгөчө спортту чагылдыргандардын сөздөрүн угуп отуруп, адабий тилдин абийири кеткенине кейийсиң, ал эми эл депутаттарынын сүйлөгөндөрүн кулагың чалганда чалкаңан кетип, жаныңды коёрго жер таппай каласың. Ушундай жол менен кете берсек, отуз жылдан кийин тилибиз эмне болот? Элестетүү кыйын.

"Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" мыйзамдын 27-беренесинде "Кыргыз Республикасында жарнамалар (жарнактар деп туура эмес кеткен), кулактандыруулар, прейскуранттар жана башка көрүнөө маалыматтар адегенде мамлекеттик тилде, андан кийин расмий тилде, зарыл учурларда башка тилдерде да жол-жоболоштурулат," деп, бадырайып жазылып турат. Бирок, бул берене Кыргыз Республикасынын борбору болгон Бишкек шаарында да аткарылбай келет. Көчөлөрүн, соода түйүндөрүн, базарларын аралап жүрүп өзүңдү башка өлкөдө жүргөндөй сезип, шаар мэриясынын мекенчил эмес саясатына кейип, жарнамаларды жөнгө салган "Бишкек реклама" мекемесин жоюп салган Бишкек шаардык депутаттарынын алысты көралбаган саясий сокурлугуна жаның ачып, бул маселелерди ким жөнгө салат жана мындай көрүнүштөргө ким жооп берет деген ойлорго чырмаласың.

"Мамлекеттик тил жөнүндө" мыйзамдын 32- беренесинде мындай деген талап бар: "Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди сактоо, коргоо жана иштетүү Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, жергиликтүү мамлекеттик администрация башчылары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан камсыз кылынат". Демек, жогорудагы маселелерди Бишкек шаарынын мэриясы менен райондук администрациялардын жетекчилери чечиши керек. Болбосо мыйзамдын 33-беренесинде: "Ушул мыйзамды бузгандыгы жана аткарбагандыгы үчүн мамлекеттик органдардын, менчиктин бардык түрүндөгү уюмдардын жетекчилери, ошондой эле юридикалык жана жеке жактар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде жоопкерчиликке тартылышат" деп жазылып турат. Бирок, Мамлекеттик макамын алган тилибиздин 33 жылдык тарыхында жогоруда аталган беренелерди бузгандыгы үчүн мамлекеттик мекеменин, юридикалык же жеке жактардын бир жетекчисинин жоопкерчиликке тартылганын уга элекпиз.

Ошондой эле "Мамлекеттик органдарда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, мамлекеттик уюмдарда жана ишканаларда иш кагаздары мамлекеттик тилде жүзөгө ашырылат, башка тилдер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык пайдаланылат деп айтылат мыйзамдын 14-беренесинде. Ага таянсак биздин мамлекеттик мекемелер өз иш кагаздарын кыргыз тилинде гана жүргүзүшү керек эле. Бирок Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясы тарабынан 2022-жылдын I, II кварталына карата республикабыздын министрликтеринин, Бишкек шаарынын мэриясынын жана Бишкек шаардык кеңешинин иш кагаздарынын мамлекеттик тилде жүргүзүлүшүнө мониторинг жүргүзгөндө пайыздык көрсөткүчтөр өтө кейиштүү болуп чыкты:

– Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде мамлекеттик тилде – 27,3%, расмий тилде – 67,8%, эки тилде – 3,1%, чет тилде – 1,8%. Саламаттык сактоо министрлигинде мамлекеттик тилде – 22,3%, расмий тилде – 73,8%, эки тилде – 3,5%, чет тилде – 0,3%. Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинде мамлекеттик тилде – 38,9%, расмий тилде – 58,6%, эки тилде – 2%, чет тилде – 0,5%. Экономика жана коммерция министрлигинде мамлекеттик тилде –7,6%, расмий тилде – 89%, эки тилде – 2,9%, чет тилде – 0,5%. Финансы министрлигинде мамлекеттик тилде – 15,6%, расмий тилде – 78,6%, эки тилде – 3,6%, чет тилде – 2,2%. Тышкы иштер министрлигинде мамлекеттик тилде – 8,8%, расмий тилде – 88%, эки тилде – 1,5%, чет тилде – 1,5%. Бишкек шаарынын мэриясында мамлекеттик тилде – 29,2%, расмий тилде – 69,4%, эки тилде – 1,2%, чет тилде – 0,2%. Бишкек шаардык кеңешинде мамлекеттик тилде – 18%, расмий тилде – 82%.

Ушундан эле мамлекеттик тилге болгон мамиленин дэңгээлин баамдасак болот. Мисалдардан көрүнгөндөй республикабыздын мамлекеттик мекемелеринин иш кагаздары дээрлик расмий тилде жүргүзүлүп, мамлекеттик тил сенек абалда экендигин көрсөтүп турат. Андыктан Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы жана Министрлер Кабинети министрликтер менен ведомстволордун иш кагаздарынын мамлекеттик тилде жүргүзүлүшүнө өтө олуттуу көңүл буруп, ыкчам кардиналдуу өзгөрүүлөрдү талап кылбаса, мамлекеттик тилдин мамлекеттик деген статусу декларациялык абалда бечел бойдон кала берери талашсыз чындык.

## *Учкул сөздөр*

*Эгер Ата-Журт деген баштыктай сүйрөп, өзүң менен алып жүрөр нерсе болсо, анын баасы сокур тыйынга татыбас эле.*

Чыңгыз АЙТМАТОВ

*Бир эле нота адам жүрөгүнүн түңгүюгүндагы тынч сезимге дүрбөлөң салып кетиши мүмкүн.*

*Бир тууган болуш үчүн сөзсүз эле бир ата, бир энеден туулуш керек эмес.*

Рыспай АБДЫКАДЫРОВ

*Өз өмүрү жана эркиндиги үчүн колунда болгонун аянбаган эл эч качан жеңилбейт.*

*Искусство менен сүрөтчүлөрүнөн кол жууган улут толук жарамдуу жашай албайт.*

АТА ТҮРК (Мустафа Кемал)

*Китеп окуу адамды билерман кылса, маектешүү – баамчыл кылат, а окуган, уккандарыңды жазуу – тактыкка үйрөтөт.*

*Жөн гана окуп коер китептер арбын, аларды суудай жутасың. А чайнап сиңирер китептер чанда бир кезигет.*

Фрэнсис БЭКОН (англис философу)

*Тиш – ырыскы, тил – дөөлөт,*

*Тирүүлүгүң бир дөөлөт.*

Арстанбек БУЙЛАШ уулу

*Жан дилибизди тузактаган жер – бул Ата мекен.*

*Мамлекеттеги мыйзамдардын көптүгү – саны самандай дарыгерлериң жүрүп, дарттын дабасын табалбагандай кеп.*

ВОЛЬТЕР (француз жазуучусу жана философ)

№10 (284)

31
10
2022

kyrgyztili@mail.ru

# ДҮЙНӨДӨГҮ ТИЛДЕР ТАРЫХЫНАН...



Элмира АЖЫКАНОВА,
журналист, жазуучу.

Улуттун эң негизги белгиси – тил. Тилин жоготкон эл улут болуудан калат. Ал улут тегерегиндеги таасирдүү элдерге кумга сиңген суудай сиңип кетет. Эмесе, дүйнөдөгү тилдердин тарыхына көз салалы.



## Тил качан пайда болгон?

Француз окумуштууларынын далилдөөсү боюнча тил болжол менен 300 000 жыл илгерин жаралган. Адегенде эң бир зарыл сөздөр пайда болгон деп жазышат. Сүйлөө касиети - адамдын жаратылыштагы артыкчылыгы.

## Дүйнөдө канча тил бар?



Бул суроо көптөгөн жылдардан бери окумуштууларды кызыктырып, изилдөөлөрдү жүргүзүп келишет. Бирок ушу күнгө чейин канча тил бар экени так аныкталган жок. 7 миңге чейинки ар кандай сандар айтылып келет.

Тилдер да жандуу көрүнүш болгондуктан кээ бир тилдер өлүп жоголуп жатса, кээ бир тилдер диалектилерден бөлүнүп чыгып, өзүнчө тил болуп калыптанып жаткан болот.

Дүйнөлүк экинчи согуштан кийин жер жүзүндө 12 000 ден ашык тил болгон. Бирок андан бери 75 жылда 6 миңге жакын тил жок болуп, азыр дүйнөдө 6 200 тил калды деген болжолдуу маалымат бар.

Дүйнө жүзүндөгү түрк тилдүү элдердин жалпы саны 150 млн. го жакын деп эсептелет. Түрк тилдерге кайсылар кирет? - Кыргыз, казак, өзбек, азербайжан, уйгур, татар, түркмөн, чуваш, башкырт, кызылбаш, каракалпак, шаксыбан, кумук, тува, месхет, гагауз, карачай, хакас, ногой, алтай, карадаг, уранкай сыяктуу тилдер.

Түрк тилдердин ичинде сүйлөөчүлөрү абдан азайып кеткен тилдер да бар. Мисалы, шор тилинде азыр 5 миңге жетип-жетпеген гана адам сүйлөйт. Хотоан тилинде 4 миң, карайым тилинде 3 миң, Гырымчак тилинде 1 миң. Ал эми тона деген тилде 500 дөй гана киши сүйлөйт. Бул тилдер - барган сайын жоголуп бараткан тилдер.

## Дүйнөдөгү үйрөнүүгө оор болгон эң татаал тилдер кайсылар?



Окумуштуулар эң татаал тилдерден деп Америкадагы түндүк америкалык индеецтердин Чиппева тилин эсептешет. Бул тилдеги этиштин формалары эле 6 000 ге жакын.



Ошондой эле Дагестандагы табасаран тили да оор тилдердин катарына кирет. Табасаран тилинде дүйнөнүн башка бир да тилинде кездешпеген 44 жөндөмө бар.



Албетте, дүйнөдөгү эң татаал тил деп эсептелинген Кытай тили да оңой тилдерден эмес. Аларда 20 миллионго жакын тамга бар. Ошондой эле оор тилдерге орус тили да кирет. Статистикалык маалыматтарга караганда орус тилин үйрөнүүгө англичандар сегиз жыл коротсо, испандар 2-3 жылда үйрөнө алышат.



## Дүйнөдөгү эң жөнөкөй, үйрөнүүгө оңой болгон тилдер кайсылар?

Жер шарындагы эң жөнөкөй жана үйрөнүүгө жеңил болгон тил - гавай тили. Бул тилде болгону 6 үнсүз жана 5 үндүү тыбыш бар. Анын үстүнө бул тилде айтууга оор болгон бир дагы сөз кездешпейт.Ошондой болсо деле мынчадык жеңил, оңой тилди үйрөнүүгө убакыт жана мээнет керек. Гавай тилинде тыбыштык бирдиктер өтө аз болсо деле бардык нерселерди, көрүнүштөрдү, түшүнүктөрдү билдирүүгө мүмкүнчүлүгү жетет.



## Дүйнөдөгү эң сылык тил кайсы тил?

Эң сылык тил – Гренландиядагы эскимос-инуиттердин тили деп табышкан. Ал тилде сөгүнгөн, урушкан бир дагы сөз кездешпейт. Атүгүл адамды капа кылуучу, көңүл оорутуучу бир дагы сөз жок.



## Дүйнөдөгү эң кеңири тараган тилдер кайсылар?

Алар - кытай, англис, немис, араб жана испан тили.
Кыскасы, тилге байланышкан кызыктуу маалыматтар көп. Тил албетте жандуу кубулуш. Ошондуктан ага байланышкан цифралар өзгөрүп да турат.

# *Сөздөн күчтүү курал жок*

Кыргыз "Өнөр алды – кызыл тил" деп көркөм, көсөм, таамай сөзгө чоң маани берген. "Сөзүң өлгөнчө өзүң өл" деп, чекеге чапкандай түз айткан. Сөздү түрлөргө бөлгөн. Сулуу сөз, улуу сөз, жылуу сөз, асыл сөз, майда сөз, куру сөз, куйкум сөз, суук сөз ж.б. Сөздүн күчү, касиети, таасири тууралуу ар кандай макал-ылакаптар түптөлгөн:

*Кылычынан кан тамган баатырды, тилинен бал тамган акын жеңиптир.*
*Оймоктой ооздон ойротто жок сөз чыгат.*
*Адамдын даңкын чыгарган да тил, тарпын чыгарган да тил.*
*Кагазга түшкөн кат өлбөйт.*
*Айылыңа келген бөз арзан, алдыңа келген сөз арзан.*
*Кол баштоо оңой, сөз баштоо кыйын.*
*Адам сүйлөшкөнчө, жылкы кишенешкенче.*
*Азаматтын жакшысы – азыраак сүйлөп көп тыңшайт, аргымактын жакшысы азыраак оттоп, көп жуушайт.*
*Айтылган сөз – аткан ок, айтылган соң кайрылбас.*
*Ачуу тил жыландын заары, таттуу тил жүрөккө дары.*
*Баатырдын көркү маңдайда, чечендин көркү таңдайда.*
*Баш кесмек бар, тил кесмек жок.*
*Бир тамчы таш жарат, бир сөз баш жарат.*
*Бирөөнүн ат көтөргүс бөзү бар, бирөөнүн ат көтөргүс сөзү бар.*
*Бутунан чалынган турат, тилинен чалынган турбайт.*
*Бөрү атар уулду бөркүнөн таану, журт баштар уулду сөзүнөн таану.*
*Бычак жарасы айыгат, сөз жарасы айыкпайт.*
*Даанaлык менен кыскалык - сөздүн көркү.*
*Дилиңде болгон нерсе тилиңе чыгат.*
*Жакшы ойлогон жакшы сүйлөйт.*
*Жакшы таап сүйлөйт, жаман каап сүйлөйт.*
*Жылуу-жылуу сүйлөсөң, жылаан ийинге кирет.*
*Ийне көзүнөн сынат, адам сөзүнөн сынат.*
*Иштеген ишиң ак болсун, сүйлөгөн сөзүң так болсун.*
*Катуу сөз камчы, жылуу сөз укурук.*
*Кесирлүү оздон кесепеттүү сөз чыгат.*
*Көп билген аз сүйлөйт, аз билген көп сүйлөйт.*
*Көп сүйлөгөн жеңбейт, төп сүйлөгөн жеңет.*
*Кулактан кирген суук сөз курсакка барып муз болот.*
*Сөзгө жараша сөз айтпаса сөздүн атасы өлөт.*
*Сууну көп кечсе чалчык болот, сөздө көп сүйлөсө тантык болот.*
*Сууну синген жерге төк, сөздү уккан жерге айт.*
*Туура сөздө тууган жок, тууганчыл бийде ыйман жок.*
*Үндөбөгөн үйдөй балээден кутулат.*
*Шыбыр кеп болбойт, шыйрак эт болбойт.*
*Эр болсоң көк бол, айткан сөзгө бек бол.*
*Узун сөздүн угуму жок, ушак сөздүн жугуму жок.*
*Улуу сөз урпакка жетсин, куру сөз турпакка кетсин.*

№10 (284)
31
10
2022
kyrgyztili@mail.ru

# Тарых, учур, эртеңки келечегибиз да талап кылат



**Аида ИШЕНАЛИЕВА, КРнын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянынбөлүм башчысы.**

Кыргыз тилинин мамлекеттик макамы тууралуу мыйзамы эркиндикке карай кыйын жолдо, узак сапарда тарыхый жагдайга жараша кабыл алынган эң туура чечим болгон. Бирок, 33 жылдан ашык убакыт өтсө да, кыргыз тили – мамлекеттик тил катары толук кандуу өз милдетин аткара албай келе жаткандыгы талашсыз. Азыркы мезгилде орус тили орто жана жогорку кесиптик билим берүү, илим, жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет, ишкердик жана эл аралык мамилелер, ошондой эле административдик башкаруу чөйрөлөрүндө, калкты тейлөө борборлорунда дагы деле басымдуулук кылууда.

Баарыбызга белгилүү болгондой мамлекеттик тилди өнүктүрүү маселеси негизинен борборубуз Бишкек шаарында жана Чүй облусунда курч бойдон турат.

Бул өз кезегинде Совет мезгилиндеги коммунистик партиянын идеологиясына ылайык Кыргыз мамлекеттүүлүгү болгондугуна карабай улуттук тил болгон кыргыз тилине мамлекеттик деңгээлде камкордук көрүлбөй, орус тилине артыкчылык берилгендигинде. Республиканын борбору Фрунзе (Бишкек) шаарында негизинен орус тилдүү этностор жашап, тил жагынан алганда кыргыз тили өзүнүн ордун толук кандуу таба алган эмес. Совет мезгилинде орус тилин сөзсүз билүүсү зарыл эле, антке ни көп улуттуу жамааттарда иш кагаздары расмий тилде жүргүзүлүп, жыйналыштар орус тилинде гана өткөн, шаардын ишкана жетекчилеринин көпчүлүгү башка улуттан болгондугу жашыруун эмес. Ошондуктан орус тилин билбегендер дайыма ыңгайсыз абалда калып келген. Ошого байланыштуу кыргыздар балдарын орус мектептерде окутууну кадыр-барк катары карай баштаган. Анын үстүнө шаарларда кыргыз калкынын саны өсүп баратканына карабай кыргыз тилиндеги мектептер ачылган эмес. Мисалы, Бишкек шаарында 1989-жылы жалпы - 619903 калктын (22,88%) кыргыздар, ал эми 2019-жылы 1027245 - калктын (74,36%) кыргыздар түзгөн. Бул маалыматтар Бишкек шаарында мамлекеттик тил маселесин жолго коюуга боло тургандыгын көрсөтүүдө.

Мамлекеттик тилди колдонууга жана өнүктүрүүгө жалпы журтубуздун, өзгөчө жетекчи-аткаминерлерибиздин жана мамлекет башчыларынын күндөлүк жана түбөлүк камкордугу зарыл. Мамлекеттик тил – күнүмдүк, коомдук, саясий, экономикалык жана маданий турмушта негизги байланыш каражаты катары колдонулушу керек. Биз бул тилекке сөзсүз жетишибиз зарыл, анткени бизден муну өткөн тарыхыбыз, учурубуз жана эртеңки келечегибиз талап кылат. Биздин пикирибизде буга жетүүгө бизде саясий эрк да, жалпы элдик колдоо да бар. Бул - мамлекеттик тил маселелери боюнча аймактарды кыдырып, эл менен жолугушууда байкалды десек болот.

Өзүңүздөргө белгилүү болгондой Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 28-июлундагы Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия болуп кайра түзүлдү. Буга чейин Мамлекеттик тил комиссиясы өлкөдө мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча мамлекеттик тил мыйзамына, өз жобосуна ылайык иш алып барып келсе, эми Кыргыз Республикасынын Президентинин колдоосу менен Улуттук комиссиянын милдеттеринен сырткары укуктары да бир топ кеңейди. Бир топ мекемелер: Терминологиялык комиссия, Кыргыз энциклопедиясы, "Кыргызтест" мамлекеттик мекемеси Улуттук комиссиянын алдына бириктиги. Демек мындан ары мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча иштер алдыга жылат деген ишенич чоң. Ушуга улай эле Улуттук комиссия тарабынан тил саясаты боюнча натыйжалуу аракеттер көрүлө баштады.

Өлкөдө мамлекеттик тил маселелери, анын ичинде мамлекеттик органдарда иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү иштери азыркыга чейин негизинен расмий тилде жүргүзүлүп келгендиги талашсыз. Өзгөчө борбор калаабыз Бишкекте иш кагаздары дээрлик расмий тилде болуп, аймактардан да маалыматтарды расмий тилде талап кылышат. Ал эми аймактарда иш кагаздары мамлекеттик тилде жүргүзүлгөнү менен, сабатсыздык орун алууда. КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 5-мартындагы "Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды мамлекеттик тилге окутуу жана иш кагаздарын жүргүзүүнү мамлекеттик тилге өткөрүү боюнча чаралар жөнүндө" токтому дагы мамлекеттик тил саясатын дагы өзөктүү маселе болгон иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү ишине арналган. Бирок тилекке каршы бул иштер толук кандуу ишке ашпай келүүдө.

КР Президентинин тапшырмасына ылайык КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия 2021-жылдан бери КР Президентинин Администрациясынын, КР Министрлер Кабинетинин, КР Жогорку Кеңешинин Аппараттарында, андан сырткары 8 мекемеде (КР Тышкы иштер министрлиги, КР Билим берүү жана илим министрлиги, КР Маданият министрлиги, КР Саламаттык сактоо министрлиги, КР Экономика министрлиги, КР Финансы министрлиги, Бишкек шаар мэриясы, Бишкек шаардык кеңеши), 10 жогорку окуу жайда (Улуттук университет, Агрардык университет, Медакадемия, ЖАМУ, ЫМУ, ОшМУ ж.б., 3 облуста (Ош, Жалал-Абад, Ысык-Көл) иш кагаздарынын мамлекеттик тилдеги абалына мониторинг жүргүздү. Анын жүргүзүү учурунда жумушчу топ тарабынан иш кагаздарынын мамлекеттик тилде жүргүзүлүшүнүн абалы жана сабаты талданып, жыйынтыгы ар бир мекеменин жетекчисине таанышырылды.

«Infodocs» иш кагаздарын электрондук жүргүзүү тутумундагы маалыматка ылайык мекемелерин жүргүзүлгөн иш кагаздарынын көрсөткүчтөрү төмөндөгүдөй болууда. Мамлекеттик органдарда иш кагаздарынын 7,6-38,9 пайызы мамлекеттик тилде, башкача айтканда 58,6 – 89 пайызы расмий тилде жүргүзүлөт. Жогорку окуу жайларында 25 - 45 чейин гана мамлекеттик тилде иш алып барышат.

Аймактарга салыштырмалуу Бишкек шаарындагы башкаруу органдары өз ишмердүүлүгүнүн басымдуу бөлүгүн расмий тилде жүргүзүшөт. Башкаруу органдарынан, министрликтерден аймактарга, жер-жерлерге, билим берүү мекемелерине каттардын, тапшырмалардын 70 пайызы расмий тилде жиберилет.

Ал эми мекемелер өз кезегинде «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» (9-статья, 2-пункт) Кыргыз Республикасынын Мыйзамына гана таянуу менен келген каттардын жообун расмий тилде жиберишет. Докуметтердин түп нускамалары алгач расмий тилде даярдалып, андан кийин гана кыргыз тилине которулган учурлар көп.

Республиканын борборунда кайра куруу доору башталганга чейин бир гана №5 мектеп кыргыз тилинде билим берген жападан жалгыз билим берүү мекемеси болгон. Ал мектепте окуган окуучулар бүт республиканын райондорунан чогултулган жана шаарда төрөлгөн мектеп жашындагы балдарга ал мектепте орун чектелүү болгон. Мына ушундай жагдайдан улам өз эне тилин билбеген инсандар калыптана баштаган. 1989-жылдагы эл каттоо боюнча Фрунзе шаарында жашаган кыргыздардын 3598 эне тилим деп орус тилин көрсөткөн. Азыр эми учур башка, мекенчил болууга, тилибизди толук кандуу пайдаланууга мезгил келип жетти.

КР ЖКнын 2016-жылдын 26-майындагы №591 токтомунун 9-пунктунда мамлекеттик тилде окуткан мектепке чейинки жана жалпы билим берүүчү уюмдарды жыл сайын ачууну камсыз кылуу тапшырмасы берилген. Эмесе

Токтомдун негизинде Бишкек шаарында кыргыз мектептеринин, кыргыз бала бакчаларынын санын көбөйтүү боюнча азыр бир аз жылыштар болууда, бирок бул жетишсиз, дагы иш алып баруу кажет.

Мамлекеттик тилди билүү Кыргыз Республикасынын ар бир жаранынын парзы жана милдети болууга тийиш. Ошону менен бирге өлкөдө жашап жаткан бардык этностордун тилине аяр мамиле кылуу менен Кыргызстан элинин биримдигин чыңдоонун негизги фактору катары мамлекеттик тилди кеңири колдонууну камсыз кылган натыйжалуу тил саясатын куруу абзел. Эне тилин, мамлекеттик жана расмий тилди жана эл аралык тилдерди билген, атаандашууга жөндөмдүү сабаттуу, билимдүү, адептүү жаңы муунду өстүрүү жана тарбиялоо учур талабы.

Мына ушундай ыйык милдетти аркалап, кыргыз тилинин кырлары көп маселелерин чечүүгө аракет кылып, айрыкча мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзам Конституциялык мыйзам катары кайра иштеп чыгып бекитүү жана мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча мурун-кийин кабыл алынган Улуттук программасынын аткарылышын камсыздоо боюнча Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия алгылыктуу иштерди аткарууга аракет кылып келет. Аткара турган иштер дагы алдыда. Жасала турган иштер да, чечиле турган маселелер албетте дагы да арбын. Биринчиден КР Президентинин "Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө" Жарлыгына таянуу менен, ошондой эле өсүп келе жаткан жаш муунду мекенчилдикке, элин, жерин, тилин, улутун коргоого даяр, билимдүү жаштары тарбиялоого убакыт келип жетти.







№10 (284)
31
10
2022
kyrgyztili@mail.ru

# Мамлекеттик тилдин экологиясы



**Миргүл КАШКАРИЕВА,**
**Б.Сыдыков атындагы Кыргыз- өзбек эл аралык университетинин окутуучусу.**

Сунушталып жаткан макалада изилдөөнүн максаты катары учурдагы социалдык тармактардын таасири астында өтө тездик менен мамлекеттик тилдин тазалыгына кедергисин тийгизип жаткан жаргон сөздөрдүн түрлөрү, мите сөздөр, сленг сөздөр жана варваризмдер каралды. Мында илимий изилдөөнүн байкоо жана талдоо усулдары колдонулду. Мамлекеттик тилди жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктар катары аздектөөгө тарбиялоо, кеп адебин туура сактоого үгүттөө ошондой эле адабий тилдин ченемдерин сактоого көмөктөшүү туурасындагы жыйынтыктар берилди.

Негизги сөздөр: жаргон сөздөр; мите сөздөр; варваризмдер; байкоо жана талдоо; социалдык тармак; сленг; диалектизм сөздөр.

Соңку жылдарда байланыш технологиясы тармагында өтө тездик менен өнүгүүлөр жасалып, коомдук маалымат каражаттары белгилүү бир чектүүлүктөн чыкты. Каалаган учурда, дүйнөнүн ар кандай бурчунан кабар окуу, жазышуу, маалымат алуу мүмкүнчүлүгү жаралды. Азыр үйдө отуруп эле 24 саат бою дүйнөдө эмне болуп жатканын билүүгө болот. Компьютердик технологиянын өнүгүүсү менен катар, интернет аркылуу адамдар арасында байланыш, тездеди жана арзандады. Бул өнүгүүлөр тилдин өтө маанилүү курал катары колдонулушун өзгөртө албады.

Бирок технологиядагы мындай өнүгүү өзү менен бирге кээ бир мүчүлүштүктөргө, кедергилерге себеп болууда. Сөздөрдүн ката жазылганы аз келгенсип, көпчүлүк уюлдук телефондордон, интернеттерден бири -бирине билдирүү, кабар жөнөтүүдө кыскартылган жана ката жазылган «сленг» сөздөр көбөйдү да, «ушундай жазса деле боло берет турбайбы» деген жаңылыш ой жана кайдыгерлик пайда болду.

Тилекке каршы, ошол «сленг» сөздөр жана кемтик тил коомдо орун алып, кеңири жайылып жатат. Азыр интернет жана социалдык тармактарсыз жашообузду элестетүү өтө эле кыйын. Бүгүн көп маселелерди социалдык тармактын жардамы менен чечип алууга мүмкүн болуп калды. Акыркы бир жыл ичинде билим берүү, дээрлик онлайн иретинде жүргүзүлдү. Студенттердин көп убактысы виртуалдуу чөйрөдө өттү. Мунун кесепетинен көпчүлүгүнүн баарлашуу маданияты да таасирленди.

## Алардын тилдин тазалыгына кандай тиешеси бар?

Ар бир муундун өзүнө гана түшүнүктүү жана активдүү колдонулган сөздөрү бар. Лингвисттер аларды «сленг» же «жаргон» деп аташат. Акыркы жылдары сленг динамикалуу өнүгүп, жаңы сөздөр пайда болуп, эски сөздөр унутулууда. Бул процесс интернеттин жардамы менен эбегейсиз тездикте жүрүп жатат.

## Сленг кайдан пайда болот?

Сленг-бул кадимки сөздөрдүн ар түрдүү топтордогу жаңы мааниси же өзгөчө топтому.

**Сленг** – адамдын кайсы бир социалдык чөйрөгө таандык экендигин аныктоочу белги. Анын жаралуу булактары ар башка. Көбүнчө сөздөр чет тилинен, биринчи кезекте, англис тилинен өздөштүрүлөт. Кээде аны диалектизм, вулгаризм, жаргонизм сыяктуу түшүнүктөр менен байланыштырышат.

Мамлекеттик тилдин маданияттуулугун, түшүнүктүүлүгүн, көркөмдүгүн жогорулата турган эң негизги сапат -кеп тазалыгы.

**Кеп тазалыгын 2 булак менен кароого болот:**

**1.** Чет сөздөрдөн жана адабий тилдин нормасына жатпаган сөздөрдөн кептин таза болушу, кептин адабий тилдин нормалары менен байланышы.

**2.** Орой, булганыч, адепсиз сөздөрдөн таза болуу, кептин адеп-ахлактык нормалар менен байланышы.

Кептин тазалыгына кедерги болуучу көрүнүштөргө төмөнкүлөр кирет:

Варваризмдер- эч кандай зарылчылыгы жок туруп кепте колдонулган, жалпы элге түшүнүксүз болгон чет сөздөр.

Диалектизмдер-адабий тилдин нормасына ылайык келбеген диалектинин аймагында гана колдонулган сөздөр.

Жаргонизмдер-белгилүү бир коомдук топто, чакан чөйрөдө гана колдонулган сөздөр.

Вульгаризмдер-турмуштук айрым бир кубулуштарды орой сүрөттөгөн, адамдык ар намысты тебелеген, адеп-ахлактык нормаларга ылайыксыз сөздөр

Мите сөздөр-кепте эч кандай маани туюнтпаган, көнүмүш -адат катары гана тез-тез колдонулган сөздөр.

Эл коом менен тыгыз байланышта өнүккөн .Тил да ошондой эле мүнөзгө ээ. Дүйнөнүн азыркы тилдеринин эч бири акактай таза эмес, тетирисинче, тил канчалык кенири тараса, өнүксө ага ошончолук көп чет сөздөр кабыл алынып турат. Ал сөздөр өздөрү менен кошо жаны түшүнүктү, жаңы маанини алып келип, тилдин сөздүк корун, семантикасын байытат.

Албетте, тилдин ички өнүгүү булактарын көз жаздымда калтыруу, алардын маанисин төмөндөтүү да туура эмес. Элдин жашоосуна кирген жаны кубулуш, жаңы түшүнүк биринчи иретте кыргыздын төл сөздөрү менен туюнтулганы туура көрүнүш. Базар мамилеси (рыночные отношения), жайма базар (ярмарка), электр тармактары (электросет) деген сыяктуу терминдер кыргыз тилинин нормасында кадимкидей орун алып келе жатат. Ал эми алардын калька котормо экендиги жагдайында сөз башка.

**Төмөндө тилдин бузулуу тартибин көрсөткөн бир топ мите сөздөрдү караныздар:**

– Школго дежур болдум;
– Звонит этип алгыча мишайт этпечи;
– Окуп бергин деп коллектив анын рукописин мага тапшырды;
– Оформлениеси туура эмес экен, кайта баштан оформить этип кел деди;
– Газетадагы статьясын окудум;
– Кожобековдун сунушун голосовайть кылып койбойлубу?
– Эртең мага обязательно звандап кой;
– Эй аны такыр жалейт этпе;
– Эмнеге коркосуң, я, сам разберусь;
– Быйыл Көлгө аябай отдыхат эттик, көл көл эмес эле чудо экен!;
– Крупныйларын бери, мелкийлерин ары кой!;
– Ал эми сутками жоголот;
– Охранасы начар экен;
– Ал горно рудный жерди трудно скопаемый участок дебедиби;
– Кимде кандай вопрос бар?
– Ключту унуткан жоксуңарбы?- деген өңдүү мите сөздөр менен сүйлөп калганыбыз жалганбы?

Сленгди же болбосо варваризмди жана оозеки жазуу стилин ар дайым колдонгон да адамдар кездешет. Айрыкча, өспүрүмдөр арасында.

Эгерде өспүрүм адабий тилдин нормаларын, орфографиялык жана тыныш белгилеринин бардык эрежелерин билген болсо, анда оозеки жазуусун колдоно бергени туура эле көрүнүш. Болбосо мындай баарлашууну бардык жерде колдонсо, анда анын сөз байлыгы начарлап, сүйлөө маданияты бузулуп, башка адамдардын анын тилин кабыл алуусуна таасир этет.

Адистер сөздөрдү дагы такай кыскартып жазуу өсүп келе жаткан муун арасында адатка айланып, сабатсыздык кадыресе көрүнүш болуп калышы ыктымал деп түйшөлүшөт. Анткени такай кайталоо адатка айланып, ал адамдын мүнөзүн калыптандырат. Күнүгө сөздөрдү кыскартып, ката жазып жүрүп ал адатка айланып кетиши ыктымал. Азыр студенттер WhatsApp, Telegram, ZOOM-дан кайтарым байланышта үй тапшырмасын жазышканда ката, кыскартылган сөздөрдү бир жазып эле токтоп калышкан жок. Аларды күн сайын кайталап жазып жатышат. Улам жазган сайын ал бара-бара адатка айланат. Ошондой эле, олуттуу темаларды жазышып талкуулап жатканда кыскартылган сөздөр маанини өзгөртүп коюшу ыктымал.

Дүйнөдө жалгыз гана өзү менен өзү байыган, өзү менен өзү өсүп-өнгөн бир дагы тил болбой турганын окумуштуулар эбак эле далилдеп коюшкан.

Ар бир элдин тилине чет тилдерден кирген сөздөр ошол түпкү тилдин өз мыйзамына ылайык багынтылып, ошол тилдин өзгөчөлүгүнө ылайыкталып сүйлөнөт.

Белгилүү тилчи окумуштуу С.Мусаев «башка тилден кирген сөз» деген түшүнүк белгилүү даражада убакыт менен байланышкандыгын, убакыттын өтүшү менен бардык чет сөздөр төл сөздөй сезилип калары айтат. Ошондой эле жаңы сөз жасоо модели, термин которуунун жаңыча ыкмалары убактылуу гана өөн учурайт. Белгилүү бир убакыт өткөндөн кийин мезгил сыноосуна түшүнүк бере албаган бир топ жаңыча которулуштар колдонуудан чыгып калары белгилүү.

Ошентсе да ыкманын, моделдин өзү реалдуу тилдик фактыга айланып, жашап калышы мүмкүн. Нукура кыргыздын төл сөздөрү менен, чет тилден кабыл алынган сөздөрдү кошпой сүйлөө, дээрлик, мүмкүн эмес. Бул кеп тазалыгында талап катары коюлбайт.

Ал эми Түгөлбай Сыдыкбековдун "...араб сөздөрүнүн бири да түп нускасын туура сактай алган жок" деген сөзүнө далилди четтен тапсак болот. Мисалы кыргыз тилине бир кезде араб тилинен кирген: -акы, акылман, акыр, албан, аял, аян, бакал, балаа, бал, балакет, барак, баракелде, дабаа, далалат, даяр, жаат, жума, идирек, ижара, изаат, ийбадат, каада, казат... өңдүү, мындан бөлөк дагы далай араб тилинен кирген сөздөр кыргыз тилинин мыйзамына багындырылгандан кийин өзүбүздүн төл сөзүбүзгө айланып кеткен. Ошол араб сөздөрүн бүгүн арабдардын өзү да түшүнбөйт.

Бизде бүгүнкү күндө «Кыргыз орфографиясынын сөздүгү» деген 80 000 сөздөн турган сөздүк бар.Эне тилибиздин мыйзамы -ушул китеп.

Демек, мамлекеттик тилдин пайдубалы-ушул китеп. Муну академик Кусейн Карасаев түзүп кеткен.

Жогорудагы пикирлерден улам мамлекеттик тилдин келечеги жөнүндө тынчсыздануу керек деген ой келет. Болбосо бул көрүнүш сакталса, эки муундан кийин (50-60 жылдын ичинде) мамлекеттик тил илимий жана маданий мазмунун жоготуп, кыргыз элинин ичинде үй-бүлөлүк мамиле тили гана болуп калышы мүмкүн.

Мамилеси калыптанган, оюна келгендей сүйлөсө жана жазса болот деп ынанып калган катмар кантет, тил кантет? Албетте, сабатсыздардын саны өсөт, тил жакырланат.

Буркан-шаркан түшүп, устаранын мизинде оодарылган ааламдашуу заманда ким оңдойт да, кимди ким оңдойт. Кайсы маданиятты, кимдин маданиятын кайсы баалуулуктарга карап жакшыртабыз.Мына ушулар бизди түйшөлтүүгө тийиш. Демек, бүгүнкү биздин таза сакталбаган оозеки жана жазуу кебибиз ушул акыбалда барса орто эсеп менен эки муундан кийин адабий тилдин ченемине өтүп калуу коркунучу бар.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1.С Рыспаев "Окуу,жазууга үйрөнүүнүн ритмикалык ыкмасы"-2002-ж
2. Чыманов Ж.А "Байланыштуу кепти окутуунун негиздери" - Бишкек, 1997
3. Мусаев С.Ж "Кеп маданияты жана норма" – Б., 1999.
4. Маразыков, Т.С. "Текст таануу жана анын айрым маселелери" [Текст]: окуу куралы, Бишкек.2005.
5. Мукамбаев, Ж. "Тил маданияты" [Текст] Ж. Мукамбаев. – Фрунзе, 1976.



№10 (284)
31 10 2022
kyrgyztili@mail.ru

Дүйшөн КЕРИМОВ

# Кыргын-Сай

## (Омор Султановго арналат)




6-ноябрь, Кыргыз поэзиясынын опол тоосу Омор Султановдун туулган күнү. Ал Улуу тумоо – пандемиянын алдында капыс оорудан жыгылды... Академик Миталип Мамытов ыйлап кабыл алып, ар-ар убакта үч ирет операция жасады. Мээнин дөө дарыгери канчалык алектенсе да кайран акынды кайрадан кадимкисиндей катарга кошо албады. Акынды акыркы сапарга узатуу зыйнатында шакирттеринин атынан Карбалас дос экөөбүз ырларынан жатка айтып, коштоштук...

Омокең мени ар дайым чоң атам эркелетип атагандай, "Сарыбай келдиңби..." дечү. Бир далай жылдар ээрчишип жүрдүк. Кыргын-Сай окуясын Тосорго барганда ордун көрсөтүп, айтып берген. Жүрөк титиретээр алааматты мен да жазбай кое албай турган сезимде кайра кагазга түшүрдүм. Тарыхый повесть же баянбы, айтор жазганымды ээн үйүндө өзүнө окуп бердим. Ал тунжурай олтурду да, сөөмөй кесей: " Бир сөз кошпо да, бир сөз алба!" деди. Ээ, эсил кайран авакем эй, кошуп – кошпой не...

***

– Ассалоом алейкум аба, - деп капилет чыккан баланын үнүнө жазуучу адатынча шашпай кылчайып карады.

– Алейкисалам, кел баатыр, чочутуп жибердиң го?

– Энем сизди чакырып атат.

– Энең ким эле?

– Айымкан.

– Аа, Айымкан таежемби? Жайчылыкпы баатыр?

– Билбейм, "тез чакырып кел" деди.

– Болуптур, болуптур. Мына ишти таштап жөнөдүк. Кое тур баатыр, ачкычты алып, машинени жабалы. Ал жакта канча болобуз?

– Билбейм да.

– Ой бала, атың ким эле?

– Бектен.

– Бектен ээ? Макул дейли, ошондо энең кимдин үйүндө, кайсы баласыныкында.

– Биздикинде да.

– А сен кимдин баласысың?

– Стамбектин. Атамды да тааныбайсызбы?

– Оо, мурдуңду урайын. Стамбекти кантип таанымбайын. Ал менин карын бөлөм да. Ой баса, үйүңөр кайда эле?

– Көчөнүн башында, чоң жолдун боюнда эмеспи.

– Ооба, ооба десең! Анда, Бектен баатыр машине менен барат экенбиз да. Эмесе мен үйдү бекитип, машинени айдап чыгайын, сен тура бербей дарбазаны ач.

Жазуучунун там-ташы айылдын төмөнкү четинде, Көл кылаасында эле. Атадан калган үй-жай өйдө жакта, айылдын ортосунда. Ал тарапта тууган-уруктары жамаатташ турат. Бул жерди чоңдорго кадырын салып, жети жылдай мурда кестирип алган. Айылдын эң чети, касиеттүү Ысык-Көлдүн өйүз-бүйүзүнө чейин кылкылдап, жылтылдап алакандагыдай, театрдын сахнасындай бир сырдуу, миң кырдуу өзүнчө бир ажайып дүйнө болуп, көңүлдү эргитип, сергитип, кандайдыр бир кусалыкка, сагынычка жетелей, кайра бир кубантып, не бир кызыл-кызыл кыялдарга алып уча, көзгө толуп, болуп турат жарыктык.

– Канчанчыда окуйсуң? – деди жазуучу жолдо баратып.

– Алтынчы класста, - деди бала олуттуу.

– Жакшы оку, китеп окуйсуңбу?

– Төрт-бешке окуйм, үчүм жок. Үйүбүздө сиздин китеп да бар. Окуп келатам.

– Ой азамат турбайсыңбы!

– Энем окутуп укканды жакшы көрөт. Айрыкча жатаарда дайыма окутат.

– Айымкан таежем чоң энең да, туурабы?

– Ооба да.

– Ал киши мугалим эмес беле? Илгери бизди да окуткан. Эмне үчүн өзү окубай сени окутат?

– Эки жылдан бери көзү жакшы көрбөй калды.

– Кайран киши, канчага келди экен?

– Энем сексен беште. Оңго буруңуз аба, биздин үйгө келдик.

Айымкан байбиче эшигинин алдына кресло койдуруп, атайын күтүп отурган экен. Машина дарбазага токтогондо эле, капталында жөлөнгөн таягын ала ордунан боюн токтото турду да, келгендерди утурлай кадам таштады.

– Ой жээке, турбай эле коюңуз жарыктык, - деп жазуучу шашып жете келип, колдон алды.

– Садага кетейин, садага кетейин! Сен келгенде мен эмне үчүн отуруп алышым керек, андай болбойт да. Кел эми төбөңдөн жыттатып кой.

"Адам бир жылда эле ушунча карып кетээрби? деди, жазуучу ичинен күңгүрөнө баш чайкай, - быылтыркы жайда келгенде мындан алда канча тың эле көрүнбөдү беле. Карачы эми, андагыдан кыйла арык, көз айнегин да кайра-кайра оңдоп, колдору да калтырай баштаптыр".

– Карылык келди Өмүкө, таежеңе таң калба."...Жетимиш жаш - жепирейген жер, сексен беш жаш - ооздон чыккан жел, токсон беш жаш - томурайган көр" деп, кыргызың туптуура айтып, аныктаптыр да. Болбосо, кандай элек, кандай гана тарсылдачу элек.

– Оо, "Айымкан эже келатат!" дегенде, классыбыздан чымындын үнү угулчу да, эжеке. Жакшы окутуп коюпсуз. Окуучуларыңыздын алды академик болуптур.

– Баарынан сен өттүң, садага кетейин, жетим элең жетилдиң. Чоң жазуучу болдуң. Кудайга шүгүр дейли, былтыр келгенде берип кеткен жаңы китебиңди көз кургур начарлап, небереме окутуп, кайра-кайра угам. Ыйлайм, күлөм, кубанам. "Адамдын турмушу" деп, романыңдын темасын да төп атапсың. Бардыгы, береги жарыкчылыктагы болгон кыймыл-аракет, көрүнүш, окуя, кайгы, касирет, кубанычы менен бүт бойдон ошол жаныбарым адамдын турмушуна байланган эмеспи.

– Ой жээке, уялтасыз да. Адабияты өзүңүз окутпадыңызбы. Баарын – "Манас" баштаган эпосторду, ал тургай Пушкинди, Толстойду, андан аркы Шекспир, Гюго, Гетеге чейин өзүңүз тааныштырдыңыз. Айрыкча, Мукай Элебаевдин чыгармаларын көз алдыга тартар элеңиз.

– Ал киши өзүңдөй турмушту башынан каршы-терши өткөрүп, маани-маңызын аңдап, эс акыл элегинен иргеп туруп жазган да. Ал, ал болсун дейли, аны шашпай айта берсек болот.

– Айта бериңиз, айта бериңиз.

– Сага айтпаганда кимге айтам. Айта турган кез келди. Кайран "Темир чеңгел" СССР ыдырап , кулады. Өз алдынча мамлекет болдук. Далай катылуу жаткан , тыюу салынган да, курган жүрөктө кулуя бугуп жүргөн сырлар ачыка чыкты. Ушуларды ойлоп сени издеп борбор калаага атайылап барайын деп жүрсөм, кудай жалгап өзүң келип калдың. Келгениңди укканда эле, баланы чуркатканым ошол.

– "Тез келсин!" деп атат, дегенде эле чочуп кетип жөнөдүм жээ.

– Рахмат! Чочуба. Курган жаным акыл-эсим барында айтчумду айтып калайын деп, шашканымды карачы. Эмесе, шам-шум этип чай ичтик. Жолго чыгалы. Айтчу сөздү ошол өз ордунда ук. Өзүңө арнап бөлөң Стамбек козу соё койду эле. Кайра келгенче эт да бышат. "Эт бышым иш" деген ошол. Кемселимди кийейин. Бектен сен да бар. Кана балам, жетеле. Өмөр абаңдын артынан бас. Сен да китеп окуй берсең, жазуучу болосуң. Болбоду дегенде акыл-билим менен адал нан таап жейсиң.

Алар үчөө, жазуучу рулда, Айымкан байбиче оң жаккы алдыңкы орунда, артта тестиер Бектен болуп, каршы-терши машина тынбаган Каракол-Бишкек канжолуна кошулушту да күн чыгыш беттей келатышты. Байбиче көз айнегин оңдой жолго тигилет, өз алдынча күбүрөнүп, кайра-кайра тоо тарапты да карамалайт. Жазуучу да үндөбөй, карган кишинин мазесин албайынчы дегенсип, жайма-жай айдап келе берди. Анда-санда сол тараптагы көкмөк тунуп, күн нуруна чагылыша жыбырап жаткан көлгө абай салган болот. Көп өтпөй Айымкан таеже адегенде колу менен ишаара кыла, "Оңго айда, Өмүке" деп калды. Машине канжолдон чыгып, эбактан какшыган эски сайдын жүлгөсү менен, бирде оңго-солго ийрелеңдеген өңгүл-дөңгүл жол үстүндө кең колотту өрдөй, жорго жүрүштөн жазбай баратты. Карыя улам эле обдулуп, кайсы бир жер мерчемин издей баштаганын байкаган жазуучу үн катты:

– Жээке, эмнени издеп атасыз, жарыктык?

– Эмнени издейин Өмүкө, өөдөрөктө болуу керек, ооба, ооба, тигиндейирээкте эмеспи.

– Аба, ал жерди мен билем, - деди, эми арткы орундагы бала колун алдыңкы бет маңдай айнекке суна, - тээтигы булуңда.

– Ал жакта эмне бар? – деди, жазуучу кызыга бүшүркөй.

– Эл кырылып, энем жалгыз аман калган жер, - деп бала энтелей баштап баратты эле,

– Шүк отур, аны Өмөр абаңа өзүм айтып берейин деп, баратпайбызбы балам. Чыдай тур да, каралдым...

***

Тарсылдаган үндөн ойгонуп кеткен тестиер кыз эшикке чуркап чыгып эле, энесине урунду. Энеси аны кемселинин этегине ката койду. Кыйкырган үн чыкты.

– Кокуй, сойду! – деди, энеси калчылдай.

– Эне, эмнени сойду? – деди, кыз энесинин этегине оронгон боюнча. Бетин ачайын десе, энеси көрсөтпөй бекем ороп турат. Энесинин буттарын, колдорун калтырак басып, солкулдап ыйлап атты. Айлана ызы-чууга толуп чыкты. Сегиз жашар кыздын бою кичинекей, арык болгону менен тарамыштай чыйрак эле. Ал чыдабай кетип, этектен тыбырчылап атып бошоп чыкты. Бирок, энеси шап колдон алып, ошол бойдон кое берген жок. Кыздын адегенде эле көзүнө көрүнгөнү: ары-бери айыл аралай атчан чаап жүргөн чоочун адамдар болду. Асынган мылтыктары сороктоп, кылычтарын күнгө жаркылдата булгалайт. Баары бир өңдөш сары кишилер. Сары кишилер түшүнүксүз сөздөрдү айтып бакырышат. Ар-ар жерде томурайып жаткан кишилерди көрдү. Бир-экөө бутун тыбыратып, онтоп жатат. Ары жакта боз үйлөр өрттөлүп, күйүп атат. Энеси оозун жоолугу менен басып алып, үнсүз солуктап ыйлап атат...

Кыз ээндүү, тирикарак да эле. Айланада эмне деген алаамат болуп атканын илгиртпей түшүндү. Көрсө, канчалаган күндөрдөн бери айылдагы айтып аткан орус, солдат, ак падыша дегендер ушулар турбайбы. Айылдагы чоң кишилердин баары эки күн мурда, "Орустарды Боомдон тосо турган болдук", деп, дүпүрөй жыйналып, камданып атып эле көп атчан бака-шака түшө жөнөп кетишкен. Андан бери алар келсе эле тоого көчүп кетебиз дешип, кетүүнү ойлоп, айыл-ападагылар жүктөрүн таңып, даярданып жатышкан эле. Эми булар кайдан келип калды экен?

– Өлүгүңдү көрөйүн, булар түндө Алматыдан келишиптир. Быякка Караколдун эки мужугу ээрчитип келе калыптыр. "Мужуктардын айылын чаап, кыйраткандар кайда?!" деп, издеп атышат. Татар тилмеч ушундай деп атат, - деп, ары жактан чуркап келген кошуна аял энесин кучактай калып, шолоктоп ыйлап кирди.

– Ыйлаба, токтот Салыйка! – деди энеси үнүн бек чыгарып, - Көрдүңбү, булардын ыйлаганды уга турган түрү жок. Кудай де, Көл аягына кеткендер келбей турса экен де. Кокус келип

калса, бул желмогуздар мылтыгы менен кырып салат го дейм, катыгүн!

– Эжеке, - деп, Салыйка аял ыйын токтото калды, - Мужуктар салдаттарга арак берип атат. Былтыр Караколдун базарына барганда көргөм. Бөтөлкөдөгү арак дегенин өздөрү жасайт экен, ичкен киши жинденип кетет экен. Баса эжеке, балдарыңыз кайда?

– Балдардын үчөө тең атасын ээрчип, топ менен кеткен. Чоңоюп калган немелер ээлигип кетти. Кеткени ырас болуптур. Келбей турушса экен, аман калышса экен...

Ал аңгыча ызы-чуулуу тарсылдак күчөп, атчан солдаттар айылдагыларды түгөлү менен баш ылдый айдап келатты.

– Бирин-экин кайрат кылып же качам дегенди тигинтип атып, кылычтап салды го, кокуй, - деп, кээ-кээде эчкире ыйлап ийип, кайра эле көз жашына какай-чакай сүйлөй берди Салыйка аял, - Карачы эжеке, отуздай эле салдат, эки мужуктун тукуруусунда айылдагы эки жүздөй кишини мал ордуна көрбөй кутуруп атышат. Мылтыгы жаман экен, мылтыгы жок биздин эркектер кантти экен. Кырылып калат го. Эл кырылып калат го, эжеке!

Ошондогу курган Салыйканын ый аралаш зарлап айткандары аныкталып, тагдырдын тайгалак жолунда тастыкталып, Салыйка өзү да өлүп, шордуу эл кырылып, далайлардын сөөгү ач бел, куу жондо көмүлбөй калаарын, далайлар бөрү, түлкү, чөө, жору, кузгун, каргага жем, не бир чырактай кыздар бир баштык талканга айырбашталып, кор болоорун, эмчектеги бала энесинен калып зар какшаарын, ошонун баары өзөктү өрттөп, күйбөгөн жери калбай күл болуп, карарган так, кайгы муң болуп, ойгоодо ойдон кетпей, уктаса түшкө кирип, үшкүрүк болуп чарчатып, үнсүз телмиртип, канчалык качпасын, канчалык капкайдагыларга алаксыбасын баары бир башты, мээни, кайран аманат бир келген, кайталангыс өмүрдү тумандатып, береги күлгүн жашоону арыбас арман коштоп, муң коштоп калаарын андагы тестиер көчөт кыз кайдан билмек, кайдан аңдамак, аттиң...

Эңкейген кары, эмчектеги балалуу аялдарды гана таштап, башкаларын колдорун артка кайрып, бири-бирине таңдырып, бекемдигин, бышыктыгын өздөрү бирден чубатып текшерип көрүп, андан кийин гана алдыга сала айдап келаткан алагүү солдаттар Ак-Булак конуш көрүнбөй калган аралыкка келгенде, алдыдагы көз айнекчен, муруту тикчийген эткээли эки үзөңгөсүнө чирене тээп, ээрден өөдө тура калып, сол жактагы тоо тарапты көрсөтө кыйкырып сүйлөдү да, өзү алдыга баштап, сай өрдөп жөнөдү. Аңгыча жана эле алдыга жарыша чаап кеткен үч солдат аттарын көл-шал тердетип, желдире бастырып кайра келип калышты.

Энесинин колу эл катары байлануу, кыздыкы бош. Энесинин этегин аткый кармап бирге келатат. Жолдогата кобураган үндөргө жанатан кулагын түрүп келди. Күн желкеден тийип, жыпжылуу жел бетти аймалайт. Жайытта мал калды. Айыл өрттөнүп, бешиктеги балдары менен аялдар, баса албаган кары-картаң боздоп ыйлап, иттер ээрчибей, ар-ар жерде шоңшоюп улуп, баары калды. Оң тарапта касиеттүү Көлдүн көз тайгылткан суусу жыбырап, учу-кыйырсыз мелтиреп, ал жатат. Солдо кудүрөйгөн жылга-жыбыт, адырлардан ары асманга тогошкон Тосордун карагайбадалдуу тоолору томсорот...

***

– Кайран элди шор басты, ээ? – деди саал алдыда бараткан Жаанбай чоң ата.

– Мындан өткөн да шор болмок беле, Жаке, - деди, Элчибай деген чал аны төкүрөңдөй ээрчип келатып.

– Карачы, орусуң өзүнө кошуп алып, ошончо жыл тынч алып жүрүп, бир кезде ар эр бүлөнүн колунда кармашка даяр турчу: киерге соот, чопкут, туулгасы, атышаарга жаа, жебе, мылтыгы, чабышаарга айбалта, найза, кылыч, калканы, минерге ар дайым табында турган күлүгү да унутулуп, жок. Баатырларыбыз бакандын башына кой кыркаар жуушаң кайчыны кайыш канжыгасы менен таңып алып, жоо костоону кетсе, жоо аңдып туруп желкеден басты.

– Оо кокуй Жаке, Караколдогу жыйында курган Кыдыр-аке "Орус опсуз көп, мылтыгы бар, бөөдө эл кырылат, тийишпегиле! Андан көрө, "Үч түтүнгө бир жигит берилсин, алар оорукта иштейт..." деген, буйругуна көнөлү, оо эл журт!" дегенде байлардын көпкөн балдары моюн толгоп, көпчүлүк дуулдап укпай койду го. Көрсө, кайран Кыдыр аке ушул алааматты айтып, сакалынан жашын куюлтуп, ыйлаган турбайбы...

Аңгыча мылтык дагы атылды. Ага удаа солдаттардын бирөө төмөн бадал аралай качкан бирөөнү кубалап, жапсарга чаңдатып кирип кетти эле, артынан бакырган үн, жана да мылтык удаама-удаа тарсылдап атылды. Эми солдаттар жапырт саксактап, четтегилерди омуроолото шапалак камчылары менен түш келди сабап, ансыз да колдору таңылуу, бөжөңдөй келаткандарды ого бетер үрөйүн учура коркутуп, койчо имере айдап алды.

Бая солго бурулган боюнча сайды өрдөп жүрүп отуруп, буйткалуу булуңга келгенде алдыдагы көз айнекчен башчысы баарын кыйкырып токтотту да, аттан түштү.

– Оо, мусулман! – деди, аңгыча айдалгандардын арасындагы бир улгайган киши ат үстүндө обочолой турган татар тилмечке кайрылып, - Булардың эмне кылганы атат, айтчы айланайын! Түптөгү орустарга биз кол салган эмеспиз, биз бир орусту өлтүрмөк тургай, орус аттууну бүгүн көрүп отурабыз го...

– Азыр териштирет, - деп, тилмеч айтып баратканда "тарс" деп, мылтык атылды. Аткан киши солдаттарга аралашып, арак, тамагын да берип келаткан жай чарба кийимчен эки мужуктун бирөө экен. Ал мылтыгын кезеп, дагы атайын дегенде, коркконунан ат жалына жата калган тилмеч, бирдеме деп кыйкырып ары жакка бастырып кетти. Ал аңгыча башчысы бакырганда солдаттардын бири жакынкы чокуга чаап чыгып барып, атынан түштү да, ары жак-бери жакка дүрбү салып, кароол милдетин аткарып кирди.

Калган солдаттар башчысынын жанына чогула, жапырт аттан түшүштү да, аттарын бир-бирине, кээси ташка байлап, сырткы кийимдерин чече башташтЫ. Көп өтпөй бакылдашып, арак ичкенге киришти. Эл менен иши жоктой, аларды унутуп коюшкандай бирөө ырдап, бирөө өтүк кончторун койгулай, тайраңдап ,бийлей баштады. Анан бирөө тамтаңдай басып, эл аралап келип эле, чачтары тарам-тарам өрүмү төгүлгөн тебетейчен кызды каруудан алды да, четке дегдеңдете жетелеп жөнөдү. Жанында энеси окшойт, колу таңылуу аял чаңырып, артына бөжөңдөй чуркаганда арак ичип отурган солдаттардын бирөө ташка жөлөнгөн мылтыгын ала коюп, аялдын алдын торой келди да мылтыктын учундагы соройгон шиши менен бет келе тура калган аялды курсакка бышып алды. Аял темтеңдей жүткүнүп, солдат мылтыгын артка тартып алаары менен оңкосунан жыгылды. Эл "чурр!.." дей түштү. Бытырай четке качкандар болду. Аларды солдаттар кубалап убара болбой эле, отурган боюнча эле торойто атып салды. Айласы кеткен көпчүлүк кайра имерилип, айрымдары жалынып, жалбарып, айрымдары нес болуп катып, коркуп, калтырап туруп беришти.

Эми солдаттар каткырып күлүп, ызырынып, жинденип кетишти. Көзгө көрүнүп калган чоңураак кыздарды аралай келип, тандап, бирден, экиден, үчтөн жетелеп, сүйрөп кетип жатышты. Каршылык көрсөткөн, асылган бирөө-жарымы болсо, ийниндеги мылтыгын шак алат да жан алгычтай шиш менен, эч камаарабай бышып алат. Айлана кан жыттанды, сай ичи бакырган үнгө жаңыра баштады...

Ошондо тартайган узун бойлуу жалгыз солдат алда немедей кыйкырып, ар-ар жердеги жолдошторуна арбаң-тарбаң эте жетип, колдон, буттан тарткылап кыйкырып-өкүрүп, жер муштап акыры мылтыгына жетип, октоп киргенде бери жактагы мужуктардын бирөө чуркап барды да, мылтыгын колунан жулуп алып, будалай жерге жыкты. Экинчиси арагын ала чуркап, эми аны тарбаландата басып алышып, оозуна экөөлөп арак куюп киришти. Ар-ар ким "Петро!" деп, атын чакыра кыйкырып аткан тартайган узун бойлуу жалгыз солдат, акшыйган эки мужуктун алдында алсыз, алда немедей кыйкырып, аракка какай-чакай сүйлөнүп, жер тепкилейт, муштайт, ыйлайт...

– Булар бизди соо койбой калды окшойт, кызым, - деди, үрөйү уча калчылдап, титиреп турган кичинекейин этегине жаап, корголоп турган энеси, - Корксоң да сөзүмдү ук. Үн чыгарба. Алдыгы жерде суурдун эски ийини турат. Мен акырын жылам, сен ошого кирип кет, коркпо каралдым. Корксоң, бакырсаң, экөөбүз тең өлөбүз. Мына, акырын сойлоп кирип кет. Батасың. Анан мен үстүңө жыгылам. Бизди издеп келишет. Ошондо уктап калбай акырын көз чыга көр. Коркпо каралдым, мен дайыма жаныңда болом...

***

– Бектен, машинеде суу бар, алып келчи, - деди, жазуучу балага. Бала илгиртпей чуркап кетти, - Жэеке, кайрат кылыңыз... Өзүңүздү кармаңыз, ооруп калбаңыз.

– Макул, макул, айтаарым ушул. Ушуну ушул жерден сага айтайын дегем, - деди байбиче. Бектен алып келе калган суудан ууртап, жүзүн чайыды.

– Бул окуяны мурдатан элден угуп, дүңүнөн билсек да, ошондогу тирүү калган жалгыз өзүңүздүн оозуңуздан угуп олтуруш абдан оор экен. Кашайып, мурда сурабаганыбызды кара?

– Сураганда эле ачык айтуу кыйын эле да, Өмүкө. Оздук катуу болчу. Не деген азап-тозокту көрдүк. Өлбөгөн жан тыдайт экен. Ошол түнү кырылгандардын арасынан мени таап алган атам, агаларым менен Кытайга качып барып келдик. Ленин түзгөн Совет өкмөтү аман алып калды. Лениндин атын унутуп, өчүрүүгө кыргыз элинин акысы жок, Өмүкө. Мен сага жазуучу катары ушуну айтайын дегем. Сен аны элге айт, жаз. Жаман жэжең окуду, чокуду, мугалим болду, коммунист болду, орден, медал тагынды, билимге, сыйга жетти. Тагдыр экен, кайра ошол орус улутунун өкүлдөрү менен үзөңгүлөш жүрдүк. "Жаман улут жок, жаман адам бар" деп, улуу Абай бекер айтпаптыр да. Ошол он алтынчы жылы кыргыздардан кордук көргөн Түптүк украин дыйкандын кызы Александра Черненко экөөбүз Ташкентте, Москвада бирге окуп, бул жакта бирге иштеп, өмүрлүк дос, жолдош болдук. Ал күндөрдүн азабын эстегенде алигүнчө ал да ыйлайт, мен ыйлайм... Өмүкө, куран окуйсуңбу, билбесең мен окуй берейин.

– Өзүңүз окуңуз эжеке, өзүңүз...

– Аъуузу биллахи минашшайтонир рожиим. Бисмиллахир рохманиир рахиим. Алхамду лиллахи роббил ааъламин. Аррохмаанир рохиим. Маалики явмиддин. Ийяка наъбуду ва ийяка настаъиин. Ихдинас сироотал мустакиийм, сироталлазина аньамта алайхим гойрил магзуби алайхим ва лаззоолийн...

Таежесинин куран окуп атканын тыңшап олтуруп, "Аял киши үн чыгарбай окуйт дечү эле, бирок, эжем айрым эркектен кайраттуу да..." деген ой келди жазуучуга. Атаңдынгөрү дүнүйө, кардыга чыккан катаал добушта не деген муң катылып жатат. Алдыга ороно салынган аппак шалы жоолуктун чеке-белинен сербейип чыгып калган аппак тал чачтары жумшак желге дирилдей, бырыштуу буудай өң-жүзү, таягына сүйөнгөн тарамыштуу колдору, жалпак таш үстүндө олтурган али сөөлөттүү келбети, береги Кыргын-Сай атыккан көргөн кум, таштуу, каксоо чөлкөмдүн качантан берки тирүү эстелигиндей элес берип турат. "Кайран киши, сиз өтсөңүз, сиз менен бирге өзүңүз күбө болгон, кудайдын буйругу менен энеңиздин эпчил акыл-айласы менен, ошончо көпчүлүктөн сиз гана жапжалгыз аман калып, азыр бизге көз жашыңызды төгүп айтып берип олтурган, төбө чачты тик тургузаар мыкаачылык окуя, тарых да өчөөр, унутулаар, атаңдынгөрү..." деди жазуучу ичинен күңгүрөнө. Куран дале окулуп атты...

– Бисмиллахи рахмаанир рахиим. Кул хуваллааху ахад, аллохус сомад, лам йалид ва лам йуулад, ва лам якун лаху куфуван ахад. Субхана роббика раббил иззати амма йасифуун ва саламун алал мурсалийн валхамду лиллахи роббил ааламийн!..

Оомийин, аллоху акбар, ушул окуган куранды улуу Үркүндө бейкүнөө кыргынга учурап, шейит кеткен, ата журтунан тентип ачкачылыктан көз жумган ата-бабаларыбыздын, апа-энелерибиздин, тууган-урук, жакындарыбыздын, жалпы эле алааматта апаат болгондордун арбак-рухтарына багыштайм. Күнөөсү болсо кудай күнөөлөрүн кечир, калган каткан эл журтуна тынчтылык, токчулук, амандык, кең-келечек бере көр, оомийин!

Үчөө дуба кылышты. Узакка үндөбөй отурушту. Айымкан байбиче анан, кемселинин чөнтөгүнөн бүктөлүү кагазды алып чыкты да:

– Ме Өмүкө, өзүңдүн ыр романыңдан үзүндүнү былтыр тың кезде көчүрүп жазып койдум эле. Окучу, өз оозуңдан угалы...

Жазуучу бу күтүлбөгөндөй сунушка таң кала, бирдеме дейин деп баратып, бирок, таш үстүндө монумент-эстеликтей биресе сүрдүү, бараандуу, биресе маани-мазмун ширелген образ каармандай олуттуу баам салып отурган таежесинин, бир кезде өзүн ажайып, өмүр, көңүл, акыл-ой кулазыгы болгон адабият айдыңына ээрчитип кирген мугалим жэжейинин алдында үй тапшырмасын так аткарып келген окуучудай элестей да кетип, толкунданганын баса кыра жөтөлүп, төш чөнтөгүнөн көз айнегин алып тагынганча боюн токтотуп, шурудай тизилген кооз кол жазманы кыраатЫ менен окуп кирди:

*– Ак толкундар куруп алып көлгө оюн,*
*Аңгемени улагансыйт куралган.*
*Акыреттен кабар айткан өңдөнүп,*
*Ак толкундар көлдө туулуп, көлдө өлүп.*
*Моюн сунуп, тагдыры өр сапарга,*
*Сап-сап болуп жөнөлүүдө катарда.*
*Алтын алкак анда Ала-Тоо көз талып,*
*Бойго жетип, өсүп турган сымбаттуу,*
*Алпештеген жалгыз кызы сыяктуу,*
*Көлгө өйдөдөн туруган өңдүү көз салып,*
*Ойду улаган закым менен үргүлөп,*
*Түбөлүктүү дүйнө барын билдирет...*
*... Жатты Ала-Тоо*
*кыркаар тартып агарып,*
*Алган өңдүү алыс жолдун кезегин.*
*Бараткандай аралап жер өзөгүн,*
*Ак булуттар зоокаларга камалып,*
*Уюп турат кетпечүдөй эзелим.*
*Көмөлдүрүк көкүрөгүн ургулап,*
*Көл үстүндө жалаң жорго бууурул ат,*
*Жайнап качып келе жаткан сыяктуу,*
*Жал куйругу – күмүш, алтын туяктуу.*
*Төрт-Күлдөгү бийик-жапыс бейиттер,*
*Төбөсүнүн калган урап кыштары,*
*Мында турган арбактардын кыштагы.*
*Муңга батып, кургап калган кейиштер.*
*Чыкыроондон түгү чыгып чыйрылып,*
*Тургансыды жердин бою жыйрылып...*

– Баракелде, баракелде! – деди, карыя ордунан обдулуп туруп, - Сөздүн күчү, кагылайын сөздүн кудурети, деми ушул эмеспи. Ушуга ыраазы бололу, шугүрчүлүк келтирели. Эл бар, журт бар, мына, көз алдыбызда чалкып жаткан Ысык-Көлүбүз бар. Кана балдарым, жетелегиле үйгө баралы. Эт да бышып калгандыр...

№10 (284)
31
10
2022
kyrgyztili@mail.ru

# Бир сабактан үлгү



Мырзагуль **ЖОЛДОШБЕКОВА,**
**Бишкек шаарынын Свердлов районуна караштуу № 52 ЖОББМнын кыргыз тили жана адабияты мугалими.**

**Класс:** 4-Г (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класс)
**Сабактын кептик темасы:** Сыйкырдуу жашылчалар
**Грамматикалык темасы:** Кимден? Эмнеден?
**Сабактын максаттары/ күтүлүүчү натыйжалар:**
**Тилдик:** - Жашылчалардын кыргызча аталыштарын билишет. Жашылчалардын адамдын ден соолугуна тийгизген пайдасын түшүнүшөт. Сүйлөмдөн кимден? Эмнеден? суроолоруна жооп берген сөздөрдү табышат.
**Кептик- катнаштык:** Жашылчалардын кыргызча аталышын эстешет. Кимге кайсы жашылчалар жагары тууралуу сүйлөшүшөт. Жашылчалардын адамдын ден соолугуна тийгизген пайдасы жөнүндө өз пикирлерин айтышат. Сүрөт боюнча өз ойлорун айтып беришет.
**Социо-маданий:** Апасына ашканада кол кабыш кылганга үйрөнөт. Тамак – ашка үнөмдүү мамиле кылуусу калыптанат.
**Сабактын ресурстары:** Жашылчалар жөнүндө чакан видеотасма, сүрөтттөр, кептик үлгүлөр.
(Магниттик тактада жаңы сөздөр жазылып илинип турат. Окуучулар өздөрү билбеген сөздөрүн сөздүк дептерине көчүрүп жазып алышат. Алар буга көнүшкөн эч кандай эскертүүсүз эле жазып алганга жана жаттаганга)

| САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ | |
|---|---|
| **Мугалимдин ишмердүүлүгү.**<br>Окутуучу жана өнүктүрүүчү компонентте, тапшырмалар жана көнүгүүлөр | Окуучулардын ишмердүүлүгү.<br>Сабакта өз ара аракеттерин уюштуруунун формалары. |
| **1. САБАККА КИРИШҮҮ. А) Окуу ишмердүүлүгүнө мотивдештирүү (шыктандыруу)** | |
| Саламдашуу<br>Жагымдуу маанай түзөбүз. Бири-бириңерге өз апаңар тууралуу маалымат айткыла . (1-2 –мүнөт).<br>Жаныңда отурган классташыңдын апасы жөнүндө класстагы калган окуучуларга айтып бер.<br>Тактадагы таянычты колдонобуз.<br>– Менин апамдын аты .......<br>– Ал абдан ..........<br>– Мен апамды ........ көрөм.<br>– ........... апасынын аты ..........<br>– ........ апасын ............көрөт ,сыйлайт | Окуучулар жанында отурган окуучуга апасы тууралуу маалымат берет. Классташы айткан маалымат боюнча калган окуучуларга анын апасы жөнүндө айтып берет. |
| **ЖАҢЫ ТЕМАНЫ ӨТҮҮ** | |
| **А) Жаңы теманы өтүүгө даярдык** | |
| – Келгиле, балдар, биз силер менен чакан видеотасма көрөлү. (1,5 мүнөт)<br>– Бүгүн биз сабакта эмне жөнүндө сүйлөшөбүз? Деген суроого жолдошуң менен бирге жооп издегиле. Ар ким өз оюуңар менен бөлүшкүлө. (алдында, артында, жанында отурган классташтары менен бирге иштешет). | Жашылчалар жөнүндө видеотасманы көрүшөт. Жашылчалардын кыргызча аталышын эстешет. Сабакта эмне жөнүндө сөз боло тургандыгын божомолдошот. |
| **Б) Жаңы теманы өтүү. Сабактын максаты менен тааныштыруу** | |
| Окуучулардын божомолунан кийин бүгүнкү сабактын темасы аталат. Тактага сүрөттөр илинет. Бүгүнкү сабагыбыздын темасы : Сыйкырдуу жашылчалар.<br>– Балдар эмне үчүн биздин темабыз сыйкырдуу жашылчалар деп аталат? Ар бир ой баалуу, оюуңар менен бөлүшкүлөчү.<br>Окуучуларды сабактын максаты менен тааныштырат.<br>– Анда эмесе бүгүнкү сабакта коюлуучу баалардын критерийлери менен таанышалы.<br>– Жашылчалардын кыргызча аталышын билсе – 1 балл<br>– Жашылчалардын аталыштары менен сөз айкаштарын түзө алса – 2 балл<br>– Сөздөрдү уңгу мүчөгө ажырата алса – 1 балл<br>– Берилген суроолорго так, туура жооп бере алса – 1 балл<br>– Сүйлөмдө калтырылып кеткен сөздөрдү маанисине карата туура таап коё алса – 2 балл<br>– кырдаал боюнча туура маек кура алса – 3 балл<br>– "5" – 9-10 балл<br>– "4" – 8-7 балл<br>– "3"- 6-5 балл<br>– "2" – 4-1 балл<br>Ар бир тапшырманын баллы ар түстүү стикерге жазылган. Ар бир тапшырманы аткарган соң ар бир окуучу өзүнө тиешелүү стикерин алат.<br>– Баалоо критерийлери менен таанышкандан кийин окуучуларга бүгүнкү сабакта аткарыла турган көнүгүүлөрдү божомолдоо мүмкүнчүлүгү берилет.<br>– Кана, эмесе, балдар, жашылчалардын кыргызча аталышын айткылачы. Жана алар менен сөз айкаштарын түзгүлө.<br>– Балдар , айткылачы, жашылчалардын биздин ден соолугубузга пайдасы барбы? Аларда кандай витаминдер болушу мүмкүн деп ойлойсуңар? (Окуучулардын жооптору коррекцияланат)<br>– Жашылчалар адам баласынын ден соолугуна өтө пайдалуу. Биздин күнүмдүк рационубузда жашылчалар болушу керек. Помидор, бадыраң, капуста, сабиз гана эмес ачуу пияз менен сарымсактын да пайдасы зор. Ачуу сарымсакта В1,В4,В5 деген витаминдер болот. Алар биздин жүрөгүбүздүн, мууңдарыбыздын иштешине абдан керек витаминдердин бири болуп эсептелет.<br>– Окуу китебинин 92-бетиндеги 3-көнүгүүнү карайбыз. Текст боюнча тапшырманы аткарабыз.<br>**1.** Текстти окуп чыгабыз. Текстте эмне жөнүндө сөз болгонун жуптарда талкуулайбыз.<br>**2.**Тексттен кийинки суроолорго оозеки жооп беребиз.<br>– Балдардын апасы базардан эмне алып келди?<br>– Помидордон, бадыраңдан эмне жасашты? Жашылчалардын формалары кандай?<br>– Атасы балдарга эмне деди?<br>**3.**Текстте кара тамга менен басылып жазылган сөздөрдү дептерибизге көчүрүп жазып , аларды уңгу мүчөгө ажыратабыз. Алар кайсы суроого жооп берерин тактайбыз. Кимден? Эмнеден? (Базардан, помидордон, бадыраңдан, бизден, Бакайдан, Аселден? )<br>**4.**Окуу китебинин 92- бетиндеги 4- көнүгүүнү аткарабыз.<br>Чоң энем ...................бадырак жасайт.<br>............... жасалган компотту жакшы көрөсүңбү? Жеңил салат.................... , .............,<br>..................., ................, ......... жасалат. ......................... уруксат сурадыңбы? Жолон Мамытовдун китебин ..................... алдым. ....................... жаңылыктарды окудуңузбу?<br>Керектүү сөздөр: газетадан, апаңдан, жүгөрүдөн, шабдалыдан, помидордон, бадыраңдан, пияздан, эжемден.<br>( Ким өз алдынча аткарды , ким тактадан көчүрүп жазды менин көзөмөлүмдө болот) | Окуучулар тактадагы сүрөттөрдү (тактада жашылчалардан жасалган салаттардын сүрөтү илинген) карап эмне үчүн сабактын темасы "Сыйкырдуу жашылчалар" деп аталарын божомолдошот.<br><br>Баалоо критерийлери менен таанышкандан кийин окуучулар бүгүнкү сабакта аткарыла турган көнүгүүлөрдү божомолдошот. Кайсы тапшырма үчүн кандай түстөгү стикерге жазылган балл алаарын көрүшөт.<br><br>Жашылчалардын кыргызча аталыштарын айтышат.Алар менен сөз айкаштарын түзүшөт.<br><br>Жашылчалардын ден соолукка пайдасы, андагы витаминдер боюнча билгендери менен бөлүшөт.<br><br>Окуу китебинин 92- бетиндеги 3- көнүгүнү аткарышат. Текстти үн чыгарып 1 окуучу окуп чыгат. Калганы текстти ичинен окуп чыгышат. Текстте эмне жөнүндө сөз болгонун жуптарда талкуулашат. Текст боюнча бири бирине суроо беришет, суроолорго жооп беришет. Менин текст боюнча берген суроолорума оозеки жооп беришет.<br>Текстте кара тамга менен берилген сөздөрдү дептерлерине көчүрүп жазып уңгу мүчөгө ажыратышат. Алар кайсы суроого жооп берерин аныкташат. (оозеки суроо берүү менен аныкташат)<br>Окуу китебинин 92- бетиндеги 4- көнүгүнү аткарышат.<br>Сүйлөмдө калтырылып кеткен сөздөрдү берилген керектүү сөздөрдөн таап коюшат. Көнүгүүнү аткаруу үчүн тактага бир учурда 3 окуучу чыгат. 6 сүйлөмдү 6 окуучу тактада аткарышат. Калган окуучулар өз алдынча дептерлеринде аткарышат. Аткарып бүткөн окуучу мага белги берет. (калемин жогору көтөрөт) |
| **В) Бышыктоо** | |
| – Окуу китебинин 91- бетиндеги 1- көнүгүнү аткарабыз.<br>– Сүрөт боюнча чакан маек (монолог) түзүп айтып бергиле.<br>– Монолог түзүү үчүн багыттар:<br>**1.**Сүрөттө үйдүн кайсы бөлмөсү берилгенин аныктагыла<br>**2.** Ал жерде кимдер бар экенин атагыла .<br>**3.** Силердин оюуңар боюнча алардын ортосунда кандай байланыш болушу мүмкүн, ойлонгула. Каармандарга ат койгула. (апасы, кызы, эркек баласы)<br>**4.** Алар эмне кылып жатышат?<br>**5.**Салатты кайсы жашылчалардан жасап жатышат?<br>**6.** Ар кимиңер үйдөн апаңарга сүрөттөгү балдардай жардам бересиңерби? Эмне кылып жардам бересиңер ? Өзүңөр менен сүрөттөгү балдарды салыштыргы. Сүрөттөгү балдар менен өзүңөрдүн окшоштуктарңарды жана айырмачылыгыңарды айтып бергиле. | Сүрөттө ашкана тартылганын аныкташат. Каармандарга ат коюшат. Анда апасы, кызы, кичинекей эркек баласы чогуу салат жасап жаткандыгын айтышат. Өздөрүн сүрөттөгү балдар менен салыштырышат. Ортосундагы окшоштук жана айырмачылык жөнүндө айтып беришет. Жашылчаларга – дан мүчөсүн туура улашат. |
| **Г) Баалоо** | |
| – Кана, балдар , бүгүнкү сабагыбызды жыйынтыктайлы. Бүгүн биз сабакта кандай көнүгүүлөрдү аткардык? Ким канча балл топтоду. Өзүбүз , жупта санап тактайлы. Чогулткан баллга жараша баабызды силер күндөлүккө, мен журналга коёлу.<br>Ар бир окуучуга ар бир тапшырмадан кийин балл жазылган стикерлер таркатылган. Ар окуучу бүгүнкү сабактагы ишмердүүлүгүн колундагы баллдарды саноо менен баалашат. Берилген баллдарды жуптарда карап тактайшат. Кайсы бир тапшырманы аткарууда балл албай калса комментарий беришет.<br>Окуучулардын чогулткан баллдарына жараша баалар коюлат. | Окуучулар ар бир тапшырмадан кийин алган баллдарын санашат. Жуптарда санап тактайшат. Кайсы тапшырманы туура эмес же аткарууда кыйынчылыктар болсо ага комментарий беришет. Сөздөр тааныш эмес, алагды болуп калдым, калемим жазбай калды ж.у.с. |
| **Д) Үйгө тапшырма** | |
| Ар ким өзү кандай жашылчалардан жасалган салатты жакшы көрөт, ошол жөнүндө 4-5 сүйлөм жазып келгиле. Эмнеден деген сөздөрдү уңгу мүчөгө ажыраткыла. | Ар ким өзү жакшы көргөн салаттарын жөнүндө 5 сүйлөм түзүшөт. Эмнеден деген суроого жооп берген сөздөрдү уңгу мүчөгө ажыратышат. |

**Мамат САБЫРОВ, жазуучу.**

# *Ван Гог*

## *(Досум Бегалы Наргозиевге)*





Ал дээрлик ар жума сайын келчү.Кабинетке кирип, бир аз мезгил бирдемелерди сүйлөшүмүш болуп турат да анан колундагы ак баштыгын ачып, ичинен алкакка салынган сүрөт алып чыгат.

– Жаңы картина.Кечээ эле тартып бүттүм.

Ал ушинтээр замат Бедел чөнтөгүн чукулай баштайт.Бул көрүнүш көп мезгилден, сүрөтчү алардын кабинетине алгачкы жолу башбаккан күндөн бери кайталанып келаткандыктан, мындай учурда эмне кылыш керек экенин ал жакшы билип калган.

– Меңиз-дейт, 200 сомдукту сунуп. Айлык алган күндөрү аянбастан көп эле карматат.

***

Мындан он жылдай мурда, Бедел иштеген министрликке сакал -мурута өскөн, кийими жүдөө бир киши кирип келген.

– Картина алгыла-деди, кабинетте отурган төрт жигиттин ар бирине бирден сүрөттү карматып.

Отургандар сүрөттү алды-артын айландыра карап, бул эмнени билдирет деп калп эле сурамыш болушту да кайра кайрып берип коюшту.

– Мунуңуздун баасы канча? –деп, сурады Бедел.

– Билбейм...Сколько не жалько...

Бедел чөнтөгүнөн 500 сом алып чыгып, ага сунду.

– Болобу байке? Аз десеңиз дагы кошоюн.

– Болот, болот – деди, тиги шашып.

Ошондон кийин сүрөтчү такай келчү болду. Мурда айдын башында, атайын айлык тийчү учурду утурлап келсе, кийинчерээк туш келген эле күнү, ары өткөндө да, бери өткөндө да кире берчү болду.Кээде сүрөттөрүн эч кимге өткөрө албай калабы, же Беделге эмеле берип кеткенин унутуп коебу, жарым саат өтүп өтө электе дагы бир сүрөтүн көтөрүп, кайра келип калат.Бедел анда деле жашы улуу кишинин шагын сындырып, сунган колун сумсайткысы келбей, биртике акча карматат да сүрөтүн алып калат.

Беделдин улам бир сүрөттү алып жатканын көргөн сайын аны менен бир кабинетте чогуу отургандар таң кала беришет.

– Мунун баарын эмне кыласың?-дейт, башкы адис болуп иштеген Эрмек-Жыгачтын жумшагын курт жейт дейт. Сенин көңүлчөөк экениңди билип алып, эч ким албаган сүрөттөрүн өткөргөнгө кынык таап алды окшойт. Болду, эми албайм деп койбойсуңбу? Сен уялсаң, мен айтайын.

– Кой, үмүт менен келет да байкуш. Боек, кисти сатып алганга канча акчасы кетти.

– Мен ушундай кишилерди такыр түшүнбөйм-деп, Жунус аттуу дагы бир кесиптеши сөзгө кошулду.- Сүрөттү өзүн өзү актаса тартыш керек да. Актабайбы, тартпай эле кой. Өзүңдү да кыйнап, башкаларды да кыйнабай.Сүрөт галереясына барып көрдүңөр беле? “Ала-Тоо” кинотеатрынын жанындагычы?Ана ошол сүрөттөрдү чыныгы искусство десе болот!Тоолор, жылкылар, боз үйлөр...А булчу? Фу!(Жунус жийиркенгендей мурдун чүйрүдү)Же адам экени, же айбан экени билинбейт.Эмне тартып атканын өзү деле түшүнбөсө керек.

Отургандар каткырып күлүп калышты.

– Баари бир эмгек да-деди, Бедел сүрөттү столунун астына салып жатып.

***

Сүрөтчүнү ал кээде көчөдөн жолуктуруп калат. Адатынча сакал -муруту өсүп, ар кайсыл жерине боек тамган эски кийимчен булочка, же пирожки жеп калаткан болот.

– Ме, жейсиңби?-дейт, баштыгынан булочка алып чыгып.

– Жок, ырахмат.

***

Бедел иштеген министрликтин жетекчилери тез-тез алмашып турат. Улам бир жаңы жетекчи келген сайын бир-эки ай бою киши аягы үзүлбөй, туугандары, достору, жердештери, кээде жөн эле кошомат кылгысы келгендер кабылдамага толуп турмайы бар. Бир жолу Бедел кабылдамага башбага калса котолорон көп кишинин арасында сүрөтчү да отурган экен. Үстүнө эски костюм кийип, галстук тагынып алыптыр. Бедел анын галстук тагынганын буга чейин бир да жолу көрө элек болчу. Бир топтон кийин сыртка чыгып, сүрөтчүнү дагы көрдү.Бул жолу ал имаратка кире бериш жерде, постовой милиционердин жанында туруптур.

– Кирдиңизби, байке?

– Жок. ”Сыртта күтүңүз” деди го кабылдамадагы кыз.

– Экөөңүздөр жердешсиздер да ээ?

– Не просто жердеш. Жакын иним болот. Экөөбүз бир урууданбыз.

– Анда, Баратбек Добулович өзү кирсин дейт болуш керек. Кабылдамага кимдер келгени экрандан көрүнүп турат. Ага чейин биздин кабинетте отуруп туруңуз.

– Жок. Ушул жерде эле күтөйүн. Анан издеп калып...

– Директор обедке кетип калбадыбы-деди, аңгыча милиционер.-Тигине.

Сүрөтчү дарбазадан чыгып бараткан кара “Мерседести” көргөндө шаабайы сууй түштү.Мойнундагы галстугун чечти да тоголоктоп туруп, баштыгына салып салды.

– Мен да кеттим-деди, чукчуң этип.

– Бир аз күтө турбайсызбы.-деди, Бедел-Түштөн кийин келет да.

Сүрөтчү чарчаңкы баш чайкады.

– Түштөн кийин деле кабыл албайт го.

***

Бедел акыркы жолу аны республикалык ооруkананын неврология бөлүмүнүн жанынан көргөн. Бөйрөгүм ооруп, текшерилип жүрөм деген. Ошол бойдон келбей калды. Эртең менен уясынан жем издеп чыккан боз чымчыктан эч айырмасы жок, дайыма кыңылдап ырдап жүрчү бул ак көңүл кишиге Бедел көнө түшкөн экен келбей калганда орду кадимкидей оңкулдады. Бир таанышы аркылуу номерин таап, үйүнө чалса, телефонду кемпири алды. Сүрөтчү өзү гемодиализ алганы кетиптир. Дарегин сурап алып, Бедел эми шаардын түштүк тарабындагы жеке менчик гемодиализ борборуна жөнөдү.

Сүрөтчү кроватта чалкасынан жаткан экен.Жанындагы түтүктөрү чубалжыган аппаратта болсо кыпкызыл болуп, кан айланып атат.

– Жумасына жок дегенде бир жолу канымды тазалатып турушум керек-деди сүрөтчү.-Бирок, менин пенсиям айына бир жолкуга араң жетет. Диван, сервант, килем-шырдактарымды саттым, жыйнаган китептеримди саттым. Эми эмнемди сатам, билбейм...

– Бул жолкусу менден болсун, байке.

Бедел бир бүкүл 5 миң сомдукту сунду.

Эки жүз сомго деле жаш баладай кудуңдап калчу сүрөтчү бул жолу сүйүнгөн жок.Акчаны суз гана терзенин текчесине коюп койду.Оору аябай кыйнаган окшойт, көздөрү шишип, өңү керсары.

– Гемодиализ бюджеттин эсебинен, акысыз жасалчу эле го?

– Ага да бардым.Кезек көп экен. Жакын арада жетчүдөй эмесмин.

Бул жолугушуудан Бедел көңүлү чөгүп, аябай кейип кетти.”Эми эмнемди сатам, билбейм...” деген, сөзүн эстеген сыйын ичи сыйрылып, жүрөгү тилинет. Эмки жолу барганда берем деп, акча жыйнап жүргөн. Аңгыча эле телевизордон сүрөтчү кайтыш болду деген кабарды угуп калды. Топурак салайын десе сөөгүн туулган айылына алып кетишиптир...

***

Ошондон бир жылдай өткөн соң Бедел өзүнүн кабинетинде бир сүрөтчү таанышы менен сүйлөшүп отурган.

– Ой, мобул Айкөл Ботошевдин картинасыбы?-деди, таанышы дубалда илинип турган сүрөттү көрө салып.

– Ооба.

– Мага берчи.

– Ал –деди, Бедел эч ойлонбой. Себеби, сүрөтчү берген мындай картиналар үйүндө толтура эле.

Эки жумадан кийин жанагы таанышы дагы келип калды.

– Сенде Ботошевдин сүрөттөрүнөн дагы барбы?

– Эмне кыласың?

– Керек.

– Бар, бирок, эмнеге керек экенин айтсаң.

– Сурап эмне кыласың?

– Анда, бербейм.

Бурчка такалган таанышы эми кыйтыңдагандан пайда жок экенин түшүнүп, ачыгын айтты.

– Покупатель чыгып калды.

– Каяктан?

– Интернеттен да.

Бедел ого бетер кызыга түштү.

– Канча сомго алам дейт?

– Картиналары 2 миң доллардан өйдө. Рисунogу эле миңден кем кетпейт.Өткөндөгү сен берген картинаны казакстандык бирөөгө эки жарымга сатып, бир портер алып албадымбы.

Муну укканда Беделдин күйбөгөн жери күл болуп кетти. Бул дүйнөнүн адилетсиздигине, тагдырдын таш боордугуна ээни кейиди. Байкуш сүрөтчү ар кимге сүрөтүмдү алып койчу деп жалдырап жүрүп, эң акырында гемодиализ жасатканга тыйын таппай көз жумду. Эгер сүрөттөрү мурдараак ушинтип сатыла баштаганда балким, дагы бир аз жашайт беле?Же адамдар талапттуу кишини баалашы, кадырына жетиши үчүн ал сөзсүз өлүшү керекпи?

– Сүрөттөрү анчалык кымбат сатылып атса, анда, Айкөл байке жакшы художник болгон экен да?

– Конечно! Кыргыздын Ван Гогу эле.

Бедел көпкө чейин тунжурап отурду.

– Үч-төрт сүрөтү бар-деди анан.-Бирок, сага бере албайм.Өткөндө кемпиринин ахыбылын көрүп ыйлагым келди. Нанга тыйыны жок отурат. Кардар табылып калса, бир-экөөн сатып, жэжеге алпарып берейин. Калганын музейге өткөрөм.

– Музейге өткөрүш эле оңой бекен! Атайын комиссия карап, кабыл алыш керек. Кабыл алганда деле музейдин акчасы жок аны сатып алганга.

– Мен бекер эле берем.

Таанышы аны ишенкиребей карап калды.

– Чын эле бекер өткөрөйүн дейсиңби?Андан көрөкчө мага берчи, биртике тыйын таап алайын?

– Жок. Жөн эле айтып койдум.

Таанышы сүрөтчүнүн дагы бир картинасын пулдап ийейин деген планы ишке ашпай калганына ыза болду окшойт, супсуну суук, одураңдаган бойдон кетти.

– Ботошевдин сүрөттөрү сатылат деп жазсам клиенттер жайнап чыгып атат-деди жанатан бери Бедел менен таанышынын сөздөрүн тыңшап отурган Эрмек.-Сенде көп да. Давай, экөөлөп бизнес жасайбыз?

Бедел үнчүккан жок. Евтушенко туура жазган тура – деп ойлоду ичинен. ”Жизнь кончилась. И началась распродажа...”

№10 (284)
31
10
2022
kyrgyztili@mail.ru

# Электрондук энциклопедия



**Шайгүл КЕРИМОВА, Кыргыз энциклопедия жана терминология борборунун директору-башкы редакторунун орун басары.**

Кыргыз энциклопедиясы Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитети менен Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1968-жылдын 19-мартындагы токтому менен Кыргыз ССР Илимдер академиясынын алдында негизделип, Кыргыз Совет Энциклопедиясынын (КСЭ) Башкы редакциясы деп аталган. КСЭ 1974-жылы Кыргыз ССРинин Басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча Мамлекеттик комитетинин карамагына өткөн. 1998-жылы 27-апрелде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №226 токтому менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Кыргыз Энциклопедиясынын Башкы редакциясы болуп түзүлгөн. Кыргыз Республикасынын Президентинин 1999-жылдын 12-февралындагы Указы менен Кыргыз энциклопедиясынын функциясын кеңейтүү жана мамлекеттик тилди өнүктүрүү максатында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору болуп кайрадан уюштурулган. 2010-жылдын 21-декабрында Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын алдындагы «Кыргыз энциклопедиясы» Башкы редакциясы болуп өзгөртүлгөн.

Мамлекеттик тил жана энциклопедия борборунун эмгек жамаатынын күчү менен 2001-жылы «Кыргызстан» энциклопедиясы обзордук китеби чыккан соң, Кыргыз Республикасынын Президентинин “Көп томдуу Кыргыз улуттук энциклопедиясын чыгаруу жөнүндөгү” Жарлыгына ылайык тогуз томдон турган мамлекеттин башкы китеби - «Кыргызстан» улуттук энциклопедиясы 2006–2016-жылдары даярдалып, басмадан жарык көргөн. Мындан сырткары “Кыргыз тили,” “Кыргыз адабияты,” “Кыргыз тарыхы,” “Кыргыз педагогикасы,” “Кыргыз сүрөт искусствосу,” “Кыргыз музыкасы,” “Кыргызстандын географиясы,” “Кыргызстандын кен байлыгы”, “Компьютер жана интернет”, “Физика”, “Математика”, “Химия,” “Биология,” “Медицина,” “Астрономия,” “Философия,” “Саясат таануу,” “Экономика,” “Укук”, “Манас” ж. б. илим тармактары боюнча энциклопедиялар жана аймактык энциклопедиялар чыгарылды.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2019-жылдын 7-мартындагы Жарлыгына ылайык «Кыргыз энциклопедиясы» Башкы редакциясы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиядан Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын карамагына өткөн.

Учурда “Кыргыз энциклопедиясы” Башкы редакциясы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 28-июлундагы Жарлыгынын негизинде Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын курамынан Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын карамагына өтүп, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын буйругу менен Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы “Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору” мамлекеттик мекемеси болуп кайрадан түзүлүп, жобосу бекитилген.




Биздин негизги ишибиз 2006–2016-жылдары чыгарылган Кыргыз улуттук энциклопедиясынын 9 томдугун, илим тармактары боюнча энциклопедияларды жана аймактык энциклопедиялардын электрондук варианттарын иштеп чыгууга багытталган. Ушул максатта коомдук башталышта иш алып барууучу 19 окумуштуудан турган редакциялык коллегия, илим тармактары боюнча 27 редакциялык кеңеш жана дайыма иштөөчү 5 илимий редакция түзүлүп иш алып барышууда. Тематикалык планга ылайык улуттук энциклопедиянын 1-тому жана 2-тому Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин жаңы орфографиялык сөздүгүнө ылайык кайрадан иштелип чыкты. Электрондук энциклопедиянын концепциясы, макалаларды тандап алуу принциптери жана макала жазуунун типтүү схемалары, структурасы ж.б. нормативдик документтер даярдалды. Электрондук энциклопедияны толуктоочу жаңы сөздүктүн долбоору түзүлдү жана ал сөздүк боюнча электрондук энциклопедиянын алгачкы томдоруна кирүүчү жаңы макалалар даярдалып, мурда кирген макалалар кошумчаланып, айрым макалалар кайра жазылып, редакцияланды. Калган томдордун сөздүгүн түзүү, макала жазуу улантылууда.

Үстүбүздөгү жылдын 16-сентябрында кыргыз тилинин мамлекеттик макамга ээ болгондугунун 33 жылдыгына карата жарыяланган бир айлыктын алкагында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору тарабынан даярдалган “Кыргызстан” улуттук энциклопедиясынын санариптештирилген электрондук алгачкы этабын презентациялоо максатында иш-чара өткөрүлдү.

Презентацияда Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы К.Осмоналиев чыгып сүйлөдү. Кыргыз энциклопедия жана терминология борборунун директору-башкы редакторун Н. Маражапова, Өндүрүш жана басма бөлүмүнүн башчысы К Момуналиев, “Кыргызстан” улуттук энциклопедиясынын электрондук алгачкы этабын көрсөтүштү. Презентацияга КР Улуттук Илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденти жана математика илимдеринин доктору, КР Жогорку Кеңешинин депутатынын жардамчысы Б. Алсеитов, КР Санариптик өнүктүрүү министринин алдындагы «Инфоком» мамлекеттик ишканасынын кызматкери А.Темирова, КР Билим берүү жана илим министрлигинин Мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторунун башчысы Г. Ибраимова, А. Осмонов атындагы Улуттук китепкананын кызматкери А.Самарбекова ойлорун ортого салышты.

# *Учкул сөздөр*



*Газета – чоң күч. Анын күчү байлоону бузган суудай баарын ойрондойт. Ээн баш журналисттин калеми да бүлдүргөндөн башкага жарабайт. Эгер газета ким бирөө сырттан көзөмөлдөсө, анык кокуй ошол. Андан көрө, көзөмөлсүз болуп же көзөмөлдү сырттан эмес, ичтен кылганда гана чоң муктаждыкты жаратат.*

Махатма ГАНДИ (Индиянын мамлекет ишмери)

*Адам даражасын кызмат көтөрбөй, кызмат даражасын адам көтөрүүгө тийиш, бирок ал ошол адамдын изгилигине жараша.*

Абдуррахман ЖАМИ (перс акыны, философ)

*Чындыкты айтуудан жогорку парз жок.*

*Адамдар шашыла берет,*
*а тарых шашылбайт.*

*Кыргыз чоңдорунун баары балык, бийликтен түшкөндөн кийин «кургак чыгышат.*

Салижан ЖИГИТОВ

*Жаза берсе сөз көп, жазууга сөз жок.*

Ашым ЖАКЫПБЕКОВ

*Эң мыкты, улуу китептер кол менен жазылган. Башкасын айтпайын, Толстой менен Достоевский, Бунинге окшогон жазуучулар кол менен жазышкан. Азыркы дүйнөлүк адабиятты мен акыркы кездерде окубай калдым, алар мага таштандыдай сезилет. Эмнеге дегенде ал чыгармалар калем менен жазылган эмес.*

Кубатбек ЖУСУБАЛИЕВ

№10 (284)
31 10 2022
kyrgyztili@mail.ru



Жаңыбай КОЖЕКОВ, манасчы.

# Арманым

Смадилов Куттубек – кыргыз көчмөн доорунун театры манасчылык өнөрдүн соңку кыйындарынан болгон Жаңыбай Кожековдун небереси. Жаңыбай манасчынын 150 жылдык маарекеси эки жыл мурда белгиленмек экен. Бул боюнча өкмөттүн чечими да чыгыптыр. Бирок, “Ушул иштин артынан жүрүп, чачым агарып, тиштерим да түштү...” деп, Куттубек аксакал бизге да келди. Узун сөздүн кыскасы, маареке өткөрмөк тургай чоң атасынын эстелигин, Жаңыбай Кожеков туулган Жумгалдын же кийин сөөгү коюлган Токтогулдун борборуна орнотуу үчүн алакандай жер бөлдүрө албай бийликке зар. Ошондой эле, өз кезинде бийликке зар болгонун айтылуу манасчы ababыз агартуучу, илимпоз Каюм Мифтаков кагазга түшүргөн “Арманым” аттуу ыр баянында жетишерлик айткан экен да, жарыктык...

**Редакциядан**

*Кара-Суу, Ак-Суу жеримден,*
*Калдайган түштүк элимден.*
*Кабар барды: «Келсин!» деп,*
*атасы Манас, Семетей –*
*Атасы менен баласын,*
*Аныктап айтып берсин деп.*

*Фрунзенин шаарынан,*
*Буйрук барды «Келсин!» деп.*
*Мурунку баатыр Манастын,*
*Кылып өткөн өнөрүн,*
*Дайын кылып берсин деп.*
*«Бар!» деп, жумшап жөнөттү,*
*Пайыздын жүргөн жолуна.*
*Келип көрдүм Фрунзе,*
*Чоңдордун жайган торуна.*
*Алтымыш жети жашымда,*
*Келдим отуз алтынчы жазында.*

*Төбө чачым агарып,*
*Калганымды айтамын.*
*Сөзүм жакпай чоңдорго,*
*Арманымды айтамын.*
*Опосуз дүйнө бачагар,*
*Жалганыңды айтамын.*
*Мурутум кыйып ак болуп,*
*Карыганымды айтамын.*
*Манасым жакпай чоңдорго,*
*Майып болуп баратам.*
*Семетей жакпай чоңдорго,*
*Айып болуп баратам.*
*Оң менен солго жакчу эле,*
*Ошол «Манас», «Семетей».*
*Биздин Кыргызстанга,*
*Не себептен жакпады?*
*Мындан кийин бу жерге,*
*Келбей турган болдум да,*
*Адеми шаар борборду.*
*Көрбөй турган болдум да.*

*Найза кармап жоо сайган,*
*Баатырга жаккан Семетей.*
*Казан асып, от жаккан,*
*Катынга жаккан Семетей.*
*Акыйкатка илинбей,*
*Не болгону билинбей.*
*Биздин улук чоңдорго,*
*Не себептен жакпады?*

*Секетпай жаккан чоңдорго,*
*Семетей жакпай калдыбы?*
*Күңөтай жаккан чоңдорго,*
*Күлчоро жакпай калдыбы?*

*«Семетейди» жазам деп,*
*Жети ай жүрдүм шаарда.*

*Каралуу катын, тулга окшоп,*
*Капа болуп баратам*
*Арым-арым жүгүрүп,*
*Алтындан жабдык салынып,*
*Арбактуу эрдин баласы,*
*Аргымак минсе бир кызык*
*Айтканым жакпай чоңдорго,*
*Арада болду бир бузук.*

*Күрпөң-күрпөң жүгүртүп,*
*Күмүштөн жабдык салынып,*
*Күндөй бетин жаркытып,*
*Күлүстөн эрдин баласы,*
*Күлчоро жакпай чоңдорго,*
*Күнүлүк кылат бир бузук.*

*Атасы менен баласын,*
*Аныктап жомок кылгамын.*
*Кырк үч жыл болот аайтканым,*
*Акчага сатып ар кимден,*
*Алган эмес болчумун,*
*«Манас» менен «Семетей»,*
*Атадан калган кесибим.*
*Үйрөнчүк эмес жомогум –*
*Жети атадан калган мүлк.*

*Көп жашасын Сталин,*
*Баркын билип «Манасты»*
*Фрунзеге жаздырды.*
*Баласын кошо айттырып,*
*Асылды асыл билет го*
*Аман болсун Сталин*
*Арбагын анык ашырды.*

*«Семетей», «Манас» экөөнү,*
*Айтуучуга айттырып,*
*Ак кагаздын бетине,*
*Жазуучуга жаздырды.*

*Жаздырып баатыр Манасты,*
*Кыргызстан шаарында.*
*Канчалаган пул берип,*
*Басмага салып бастырды.*
*Баркын билип Манасты,*
*Баласын кошуп экөөнү...*

*Көк белестин кезең жол,*
*Көргүчө Муфтак, эсен бол.*
*Айрылыштын кезең жол.*
*Акылдаш Муфтак, эсен бол.*
*Ак көйнөк кийсең кең деп жүр.*
*Агаңдай болгон Жаңыбай.*
*Айтканым жакпай чоңдорго,*
*Армандуу болуп баратам,*
*Анда-санда эстеп жүр!*

*Жамагым жакпай чоңдорго,*
*Осол болуп баратам.*
*Жолдошум жоого калгандай*
*Копол болуп баратам.*
*Мүйүзүм сынган өңдөнүп,*
*Токол болуп баратам.*

*Эт кетер да, бет калар,*
*Электен сөзүм өтпөсө,*
*Элге жаман ат калар.*
*Усталардан дат калар,*
*Ушул сөзүм жакпаса,*
*Урукка наалат ат калар.*
*Төбөлдүн сөзү эм болду,*
*Түштүктөн жалгыз мен элем,*
*Жалгыздын сөзү кем болду.*
*Жалгызга жардам болбогон,*
*Жакшыларга не болду?*

*Казак-кыргыз дебестен*
*Калкка жаккан «Манасым».*
*Казал кылсам жарашып,*
*Наркка жаккан «Манасым».*
*Кылым кыргыз жергеге,*
*Салтка жаккан «Манасым».*

*Күн-түн айтып отурсам,*
*Кыргызия-элетке.*
*Күн чыгыштан-күн батыш,*
*Айтса ада болбогон,*
*Алыс эле «Семетей».*
*Түштүк менен түндүккө,*
*Калыс эле Семетей.*

*Семетей, Манас түбүнө,*
*Эрлердин кылган ишине,*
*Эсептеп айтып жетеби.*
*Мен айтып жүргөн «Семетей»*
*Башкага ооп кетеби?*
*Алты бабам, жети атам,*
*Арбагы айтып жүрчү эле.*
*Айкөл баатыр Манасы,*
*Атамдан калган иш эле.*
*Ак шумкар качса туурунан,*
*Артынан кууп жетеби?*
*Асыл Манас баатырдын,*
*Баласы мыкты Семетей*
*Башкага ооп кетеби?*
*Ак болот кармап сабынан,*
*Кынга салсаң арман жок.*
*Кагылайын Күлчоро*
*Сынга салсаң арман жок...*

**Жазып алган Каюм МИФТАКОВ**





№10 (284)
31
10
2022
kyrgyztili@mail.ru

# ЗАРЫЛДЫК БОЛГОНДО ГАНА...

**Шермамбет АБДЫРАЗАКОВ,
эмгек ардагери,
Нарын шаары.**

**Ар бир улутту улут катары сактап келаткан-эне тили. Дүйнөдө 7 миңге жакын тил, 2,5 миң улут бар экени айтылып жүрөт, мындан 142 улут гана эгемендүүлүктө жашайт, 83 гана тил кеңири тарап, ал тилде дүйнө элдеринин 80 пайызы сүйлөсө, 3500 тилде дүйнө калкынын 0,2 пайызы гана сүйлөшөөрүн российялык маалымат каражатынын мисалдарынан улам билдик.**

Кылымдарды карыткан кыргыз тилибиз да кыргыз улуту жаралгандан бери өсүп-өнүгүп, улам толукталып, жаңыланып келди. Бүгүнкү күндө Кыргыз мамлекетинин улуттук тили катары бардык иш кагаздары ириде өз эне тилибизде жазылууга тийиш.

Коомдук өнүгүүнүн ар бир мезгилинде "Манас" эпосубуз баш болгон элдик оозеки чыгармаларда элибиздин жашоо шарты, маданияты, үрп-адаты, салт-санаалары, жаратылышка, коомго болгон көз карашы, келечектен күткөн үмүт-тилеги оозеки чагылдырылып келсе, бүгүнкү күндө өнүккөн лексикасы бар, көркөм каражаттарга бай жазма адабиятка ээ болдук.

Тил менен ойлоонун ажырагыс биримдигин, ойлогон ой тил аркылуу ишке ашырыла тургандыгын дүйнөлүк классиктер да жар салып келишкен.

"Кто правильно мыслит, тот правильно говорит" деген орус макалы бар. Сөзмө-сөз которсок, Ким туура ойлонсо, ал туура сүйлөйт, дегенди билдирет. "Ойлонбой сүйлөгөн, оорубай өлөт", деген одоноорок айтылган кыргыз макалы да бар. Демек, биз келечек ээлеришаштарыбызга туура ойлонуп, эне тилибизде туура сүйлөп, адабий тилдин ченеминде туура, сабаттуу жаза билүүнү үйрөтүүбүз керек.

Өткөн доорго кылчайып карасак, улуттук тилибиздин өнүгүшүнө, адабий тил катары калыптанышына зор салым кошкон билим-илимдүү кыргыз интеллигенциясынын алгачкы карлыгачтары К.Карасаев, К.Юдахин, Ж.Шүкүров, Б.Юнусалиев, Ж.Муканбаев ж.б. калыпка салып, түзүп кеткен сөздүктөрүнөн кеңири пайдаланып, ар бир сөздүн маанимаңызын кеңири түшүнүүнү, аларды туура жаза билүүнү үйрөтүү да учур талабы болуп саналат. Канчалык сөз байлыгы көп болсо, ал адам ошончолук өз оюн кеңири түшүндүрө алат, аларды катасыз жазууну да үйрөнөт.

Канча тил билсем, ошончо адаммын, деген таризде азыркы ааламдашуу мезгилинде санариптештирүүнүн, айтитехнологиянын, жалпы эле илим менен техниканын өнүгүшүнө байланыштуу эл аралык тил катары эсептелген англис тилин жана башка чет тилдерди үйрөтүү, үйрөнүү да зарылчылык болууда. Бирок, эне сүтү менен кошо жаралган өз эне тилинди толук үйрөнүүнү биринчи орунга коюп, анын өнүгүшүнө салым кошуу ар бир кыргыз жаранынын милдети болууга тийиш.

Кыргыз ССР Жогорку Совети 1989-жылдын 23-сентябрында "Кыргыз ССРинин мамлекеттик тили жөнүндө" Мыйзам кабыл алганына 33 жылга караптыр. Туура, бул жылдары кыргыз тилине улуттук тил катары маани берилип, мамлекеттик иш кагаздарын кыргыз тилинде жүргүзүүгө өтүү чаралары киргизилгендигине карабастан, толук ишке ашырылбай жаткандыгы белгилүү.

Менимче, кыргыз тилинин өнүгүшүнө жетишүү үчүн оозеки пикир алышууда, маданият, саясат, экономика жана билим-илим тармагында талаптарды күчөтүү керек. Аларда эмгектенген ар бир кыргыз жараны өз өлкөсүнүн кожоюну катары эне тилин мыкты өздөштүрүп, аны башка улуттагы жарандарыбызга үйрөтүүбүз туура болот.

Кыргызстанда төрөлүп, жашап келген айрым орус тектүү жарандарыбыздын кыргыз тилин үйрөнүүгө көңүл бурбаганы өкүндүрөт. Аларга караганда чет элден келгендер, мисалы, англис, япон ж.б. жаштары бир-эки айдын ичинде эле кыргыз тилинде сүйлөп, ырдап-бийлегенине күбөбүз.



Кошуна өлкөлөрдү эле мисалга тартып көрөлү. Акыркы жылдарда Казакстанда казак тилине болгон мамиле эпсиз өсүп жатат. Орус тилдүү калктын көп жашаганына карабастан мында биринчи кезекте көрнөк-жарнактарды эне тилде жазууга көңүл бурулуп, кийин башка уюштуруучулук жана методикалык иш чаралар ишке ашырылууда. Ал эми Өзбекстанда союз кезинде эле өзбек тилине маани берилип келгенин жакшы билебиз.

Жеке пикиримде кыргыз тилинин өнүгүшүнө мамлекеттик деңгээлде маани берип, Президент, Жогорку Кеңеш, Министрлер Кабинети, министрликтер, жергиликтүү бийлик өкүлдөрү биргелешип, калкка кеңири түшүндүрүү иштерин жүргүзүү менен практикалык жана методикалык жардам көрсөтүү, мындай маанилүү иштерди аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча Улуттук комиссиянын ишин күчөтүү зарыл.

Тилди үйрөтүүнү үй-бүлөдөн, бала бакчадан баштоо керек. Тилекке каршы, жаңыдан тили чыгып келаткан балага чоң атасы, чоң энеси, өз ата-энеси баш болуп, бирде орусча, бирде кыргызча аралаштырып сүйлөй бергендиктен наристенин башы маң болуп, эки тилде тең так сүлөй албай "чала кыргыздар", "даана киргиздер" пайда болууда. Экинчи жагдай, уюлдук телефонго кызыккан балдар эр жеткенде деле китеп, газета, көркөм чыгарма окубай, интернетти карап калганы өтө терс таасир берүүдө.

Китеп окуп не кылам, бардыгын интернеттен табам,- деген тар түшүнүк алардын мээсине сиңип калган. Кээ бир ата-энелер баласы ыйласа уюлдук телефондогу оюнзооктор менен соороткону өтө өкүнүчтүү.

Үчүнчү жагдай, мектептерде кыргыз тилин окуткан мугалимдердин билим берүү сапатын жогорулатып, жыл сайын курстардан өткөрүүнү камсыз кылуу мезгил талабы болуп эсептелет.

Мугалимдик кесипке даярдаган жогорку окуу жайларынын "сырттан окуу", "дистанциялык" (аралыктан) окутуу деген бөлүмдөрү такыр эле талапка жооп бербейт, аларды бүтүрүп, жогорку билимге ээ болгон кыргыз тили мугалимине жат жазуу жаздырсаң көпчүлүгү "эки" алат. Орто мектепти "3" менен бүтүрүрүп, жогорку билимге да сырттан окуп ээ болгон кыргыз тили мугалими эч качан кыргыз тилин жеткиликтүү окута албайт, анткени ал өзү кирди-чыкты окуп, эптеп диплом алган.

Бир далил келтире кетейин. Мен анда Нарын районунун бир мектебинде директор элем. Нарын Мамлекеттик Университетинин филология факультетин сырттан окуп, дипломго ээ болгон жаш адистин кызматка алуу жөнүндө жазган арызындагы 20 сүйлөмдөн 10 ката кетиргенине күбө болгонум бар, демек, ал 4-класстын окуучусун кантип сабаттуу жазганга үйрөтөт?

Бир кезде, тээ өткөн кылымдын 60-70-жылдарында, биз студент кезде, андагы жалгыз КМУнун (Кыргыз Мамлекеттик Университети) филология факультетинде ошол учурдун чыгаан окумуштуу-тилчилери К.Карасаев, Б.Юнусалиев, С.Давлетов, К.Иманалиев, А.Иманов, Ж.Муканбаев, Б.Үмөталиева, адабиятчылар Ш.Үмөталиев, С.Жигитов сыяктуу агай-эжейлерден сабак алып, теория менен практиканы айкалыштыра үйрөткөнүнө ыраазымын, алардын окуучусу болгонума сыймыктанам, бардыгынын көзү өтүп кетти, арбактары ыраазы болсун!

Айтайын дегеним, азыркы учурдагы жайнаган жогорку педагогикалык окуу жайларында кыргыз тили мугалимдерин даярдаган окутуучулар жогоруда аталган агай-эжейлердей билимдүү, кесипкөй, тажрыйбалуу, талап кое билген эмгекчил, аракетчил болсо деген тилегим. "Кадрлар бардыгын чечет",-дегендей педагогикалык жогорку окуу жайлары татыктуу кадрларды даярдап берүүнү биринчи милдети катары сезүүлөрү керек. Бул кыргыз тилин өнүктүрүү боюнча жалпы ишке жана Мамлекеттик тил Мыйзамынын аткарылышына кошулган чоң салым болот деп ойлойм.

Мамлекеттик тил Мыйзамы демекчи, бүгүнкү турмуш чындыгынан алып караганда, ал өзгөртүүгө муктаж болуп тургандай. Кыргыз тилин үйрөнүүнүн деңгээли, тилди кадырлап барктоо өтө эле төмөн түшүп калды. Көчөдөгү көрнөктөрдөн баштап, козу карындай жайнаган маалымат каражаттарына чейин мамлекеттик тилдин колдонулушу ээнди кейитип келет. Анан башка улуттагылар муну көрүп-билип туруп, мамлекеттик тилди үйрөнүүгө ыкласын койбой, тетири басып кетип жатпайбы. Ошондуктан, Мамлекеттик тил Мыйзамын олуттуу түрдө оңдоп-түздөө зарыл. Муктаждык менен зарылдыкты биринчи орунга койгондо гана маселе ылдам да, оң да чечилмекчи.

Буга кошумча үй-бүлө, мектеп, жогорку окуу жайлары биргелешип иш алып барганда гана ийгилик жаралаарына ишенем.



# Талып Молдонун насыяты



Кыргыз эл, эл болмогу, кыргыз атка конгону миңдеген жылдарды башынан өткөргөнү, тагдыр жазымышынан кечиргени, улуу көчмөн цивилизациясынын алдыңкы сабында – уңгусу, өрнөгү, нускасы болуп, андагы кымгуут, башаламан эл, тайпа, уруулар бирин-бири ач бөрүдөй кайсаган каар замандарда да касына тизелебей, муңкүрөбөй, ак калпагын башынан, камчысын колунан түшүрбөй, кел-кели келип турганда – Саян-Тоодон Теңир-Тоого, Памир-Тоодон Орол-Тоого чейинки кыйырларда ат ойнотуп, көчүп-конуп турмуш кечирип, тээ андан арыда айтылуу Урумду, тиги жагы чет Бээжинди багынткан даңазасы, ал эми башынан багы тайып, куту качкан кезеңдерде, эсеби келсе, "Кыргыз Гызар ашып, казак кайың саап калганда..."да, сынган бутун канжыгага байлап, кыл чайнашып, канчалаган кан-терин төгүп жүрүп, бүт дүйнөнүн – кең ааламдын көз мончогундай ак мөңгү, мөлтүр булак, көк жайык Ала-Toосун асырап, мекендеп, эл-жер-мамлекет катары, береги XXI кылымдын кылкылдаган, кылтылдаган босогосун аттады.

Ал эми, ал ортолук кыйырларда канчалаган дөө-шаа эл, мамлекет, ал тургай империялардын аты, даңкы тарыхтын саргайган барактарында калганы менен өздөрү кумга сиңген суудай жок болуп кетти...

Ушундан улам байыркы улуу кыргыз калкынын урпактары тээ арыдан бериге келаткан Айкөл Манас баш болгон ата-баба арбактары менен бирге касиеттүү Жаратканга таазим, бүгүнкүбүзгө миң мертебе шүгүр жана каниет этүүбүз парз.

Ооба, азганактай элибиз андагы кыйсыпыр доорлордон кантип аман калды, кандай касиет күч соңкуга урпак уңгусун улады, дегендей жүйөлүү суроого жооп катары,1855-жылы Жети-Өгүз жергесинде туулган Талып Молдо Байболот уулунун кагаз бетине калтырып кеткен жазмасынан мисал тартсак, ылайык болоор:

"Эми өзүм ичинде чоңоюп-өсүп, угуп, өз көзүм менен көрүп жүргөн, элдин илгертен келаткан салт-санаа, кылык-жоругунан азыраак айтайын: Журттун аксакал, бийлери, баатырлары көчсө, консо, баш кошуп кеңешип, бир кишидей журтту көчүрүп, конгондо элдин алдында, эр жигиттер эл четинде, жоо бетинде, сыртынан күзөтүп бакканы. Калк ичинде бир козулук доо, жаңжалы же чоң иш болсо да, астына келгенге бой көтөрбөй, өз баласы болсо да тартпай адилеттик менен бүтүргөнү. Иши түшкөн кишиден зордук же үмүт кылып, бир нерсе албаганы. Эл бийлеген чоң кишилерден кокустан бечаранын үйүнө конуп калса, мал сойдурбай, үй ээсинин ичип жегенинен тамактанып кеткени. Кийген ичиги өз букарасына окшоштугу, букараларынын ыкласынын актыгы. Ал убактагы элдин бай-жардысы, карыжашынын баарысынын барга жокко канаагат кылуусу. Бир кишинин буйругунда ынтымактуулугу.Көчсө, консо, өргүсө – урган таштай жалпы журт бүт козголуп, киши, кишинин чычкак улагын да таштабай чогуу алып жүрүшү. Жоо же бөрү болобу деп, күн-түн курал жабдыгынан ажырабай даяр турушу. Жоого минүүчү атын жанынан ажыратпай, этинен өткөрбөй жетелеп, ченеп откоруп, суутуп, табынан кайтарбаганга машыгышы. Жарды-жакыра карамдуусу, конок, же мусаапырга сыйлуусу. Зарыл болгонго колдо барын аябаган жоомарттыгы. Ырчы, манасчы, комузчуну алыстан болсо да алдырып, өнөрүнүн урматына тогуздап мал бергени. Бай, жарды деп бөлбөгөнү, топуктуулугу жана сабырдуулугу. "Кери кеткен бири-бирине кеңешпейт" деп, кеңешсиз иш кылбаганы. "Ачкага аш, жылаңачка тон, жөөгө ат аяба!" деп, бейтааныш жөө адамга да атынан түшүп бергени. Жоого өлгөнчө кайраттуу эрдиги. Элдешкен журтка бир туугандай ынтымагы. Чын сөздүүсү, убадага бектиги. "Калп ырыс кесет, жалганчынын үйү күйөт" деп, насыят айтканы. "Тилиңди бурба, кийимиңдин түрүн бузба, салтыңды карма!" деп, өз улутунун касиетин сактаганы. Анткорлонбогон кайрымдуулук, боорукерлиги. Кимдир бирөөдөн кыянаттык, бузук, жалган жаман иш билинсе, бардык эл-журт, ал ант ичсе да ишенимден чыгарып салганы. "Сараң болгончо жок бол, бузук оңбойт, туугандан доо доолаган куурайт, эрдин малы элдики, тирүүдөн түңүлбө, ат башындай алтының болсо да, керек кезде кече бил..." деп, насыят айтканы..."

**Даярдаган**
**Кудайменде ОСМОНОВ**

# Кул мүнөздүк – улуттун биринчи душманы

***Жыргалбек КАСАБОЛОТОВ,***
***журналист.***

"Кул эч качан мырза боло албайт. Мырза мырза болбогону үчүн эмес, малай малай болгону үчүн ошондой" деп, илгери бир кесиптешим көп айтчу. Кимдин сөзүнөн цитата келтиргени эсимде жок, бирок, кийин жазгандарын окуп көрсөм, өзү деле мырза боло албаптыр деген жыйынтыкка келдим.

Кеп анда деле эмес. Кеп ошондогу сөзүнүн чындыгы турмушта көп жолу далилдengeninде. Байкап көрсөм, көп эле киши сөзсүз өзү сыйына турган башка адамды, башка мамлекетти, системаны, бийликти издеп турат экен. Сыйынмайынча тура албайт жана башкаларды да сыйына турган нерсеси жок элестете албайт.

Алыс барбай эле соцтармактагы азыркы кызыл чеке чабыштарды карасаң, бир топторунун пикиринде Садыр Жапаровду сындасаң - адаханчысың, Мадумаровду сындасаң - садырчысың. Экөөнү тең сындасаң - атамбаевчисиң, аны да сындасаң - жээнбековчусуң. Жок эле дегенде Текебаевге бир сыйра жабыштырып чыгышат. Адам өзүнүн эле оюн айтып жатат деген жыйынтык үч уктаса түшүнө кирбейт. Бул айрыкча фейк армиялардын үрөнөөктөрүнө тиешелүү, анткени аларга ошондой буйрук берилет. Бирок, чоң эле аттуу-баштуу кишилерден деле ошондой ой жүгүртүүнү байкагам.

Геосаясатта, идеологияда да ушундай эле көрүнүш. Орусияны же исламисттерди сындасаң - батышчылсың, Батышты сындасаң - орусчулсуң. Үчөөнү тең сындасаң - сөзсүз Арстан Алайга сыйынган сектадасың. Геосаясаттагы кул мүнөздөрдүн оюнда Кыргызстан сөзсүз башка бирөөгө кошулуп кетиши керек же жок эле дегенде башка бирөөгө кызмат кылып, көзүн карап турушу керек. Өз алдынча саясат жүргүзүү, эгемендик деген түшүнүктөрдү жиниңдей жаман көрүшөт.

Чүмкөнгөндөрдү сындасаң - жылаңач басып кетүүнү жактап жаткан болосуң, чечингендерди сындасаң - артта калган караңгысың же жапайысың. Баарын сындап, "чүмкөнбөй деле, чечинбей деле жарашыктуу кийинип жашабайлыбы" деп, өз оюңду айтсаң - булардын оюнда акылдан айныган бир бечарасың. Ушул айтылган тараптагылардын жактоочулары көп учурда сөзсүз ушундай түшүнүшөт.

Анткени кимдир-бирөөгө сыйынгандар же жалданып иштегендер башкаларды да сөзсүз бирөөнүн этегине намаз окуйт же анын акчасына иштейт деп ойлошот. Башкача болушу мүмкүн экени эч кимисинин мээсине кирбейт. Кирсе мээси жарылып кетеби...

Мындай адамдар көбүнчө "кул жана кожоюн" категориясында гана ой жүгүртө алышат. Кул болуп көнгөн адам сөзсүз өзүнө кожоюн издейт. Кожоюну жок жашоо алар үчүн кызыксыз жана маанисиз. Кулдукка көнгөндөр кожоюндарын да оңой алмаштырышат. Кечээ Эшматты жактап жүргөндөр эртең Ташматты, бүрсүгүнү Кошматты андан да катуураак жакташат. Жактап эле тим болбой, сөзсүз башкаларга акыл үйрөтүүгө өзүн укуктуу сезишет.

Кул мүнөздөр кожоюнунун (адам, өлкө, система) эң чоң акмакчылыктарын да актоого даяр. Ошол эле учурда кенедей эле жакшылыгын көкөлөтүүгө кынык алган. Бирок, кожоюну алмашып кетсе аларга да ушундай эле кызмат кыла беришет.

Кул мүнөздүн адамдык да, улуттук да өзөгү жок. Өзөгү бар адам эч качан кул мүнөз болбойт.

Кул мүнөздүк биринчи иретте өз алдынча ой жүгүртүү, адамгерчилик нарк-насил жана мамлекетибиздин эгемендиги үчүн кооптуу. Ал билим берүү системасына, маданиятка жана идеологияга түздөнтүз таасир этүүдө. Азырынча анын дарысы табыла элек. Саясатчыларыбыз диний чөйрөгө барса такыба көрүнүп, улутчул чөйрөгө барса Манастын осуятын саймедиреп, либералдарга барса эркиндикти кеп кылып көнүшкөн. Элибиздин кыйла бөлүгү кыргыздын өз кызыкчылыгынан, нарк-насилинен, тилинен жана маданиятынан диний көз карашын, башка мамлекеттин зоболосун, укуктук түшүнүктөрүн өйдө коет.

Жок эле дегенде мамлекеттик кызыкчылык жаатында бийлик менен элди чындап бириктире турган Кумтөр, Жетим-Тоо, Үзөңгү-Кууш, Каркыра, Кемпирабад маселелери бириктирбей эле ажырымды күчөтүп келатат. Болбосо ушулардын баарында жарандарыбыздын мекенчилдик, эгемен мамлекет тууралуу канында уктап жаткан түшүнүктөрү чукуранып ойгонуп, жакшы эле шарт түздү эле.

Эгерде мындай өнөкөттөн өз убагында арылбасак, анын залакасын жалпы эл көргөнү калды. Арылыш үчүн жок эле дегенде ушул маселени чечүүнүн жолдору жөнүндө ачык, ыймanga камчы баспаган, ар ким өз күнөөсүн да моюнга алган талкуу зарыл. Көйнөктүн кирин жууса кетет, көңүлдүн кирин айтса кетет. Болгону, аны тунук акылга, нарктуу сөзгө жууш керек.

№10 (284)
31
10
2022
kyrgyztili@mail.ru

*О акындар! Аяйм дайым силерди,*
*Ок жолундай ичке түшкөн жолуңар.*
*Оюн айтып ырын арнап жиберди,*
*Омор деген силердин бир бооруңар!*



***

*Сен болуп баардык жайдан караганым,*
*Шамалдай туш-тарапка тарaлармын.*
*Ачылып ырбап кетээр кайра баштан,*
*Айыккан менин эски жараларым.*

*Ошондо өрттү көрсөң күйүп-жанган,*
*Суу көрсөң аңтарылып агып жаткан.*
*Жер көрсөң тереңдерден титиреген ,*
*Куш көрсөң жалгыз учуп бара жаткан.*

*Күн көрсөң көз жаш төгүп ыйлап турган*
*Түн көрсөң көөдөй кара ит улуган.*
*От көрсөң жалгыз күйгөн тоо башынан,*
*Жап-жалгыз кайык көрсөң толкун урган.*

*Эгер сен бала көрсөң улутунган,*
*Эң катуу ыза көрсөң турмушуңдан.*
*Мас көрсөң ыйлап аткан, ырдап аткан,*
*Жаш көрсөң бир муңайым бара жаткан.*

*Анан да буюм көрсөң кыйрап сынган,*
*Бак көрсөң бороон уруп шагы сынган.*
*Ошонун баарын мен деп биле бергин,*
*Көзүңө көрүнгөндүн баары менмин,*
*Жалдырап сени тилсиз карап турган.*

***

*Сен томсоруп жапыз жерде жүргөндө,*
*Менин турган бийиктигим курусун.*
*Көңүл көптөн кайт болгон бир күндөрдө,*
*Көздөн учуп эңсейт адам курбусун.*

*Атаганат, ак нур төккөн бир кездер,*
*Сен мойнуңа мончок кылып тагынаар.*
*Көөдөн кысып зарыктырган көп кечтер,*
*Ак шам болуп түндө сага жагылаар...*

*Атаганат, жылдар өтүп олтуруп*
*Кайсы чектен жолугаарың билинбей*
*Сен көрүндүң бөксө өмүрдү толтуруп*
*Эрте жаздын эң алгачкы гүлүндөй.*

*Атаганат, токуп минип аргымак,*
*Бурганакта жал-куйругун сапырып.*
*Түндөн туруп ким кайрып келе алмак,*
*Ашуу ашкан күндөрдү айдап жапырып?!*

***

*Ушундай да жашоо кызык болоорбу?!*
*Сен экөөбүз кол кармашып турабыз.*
*Ушундай да жашоо улуу болоорбу?!*
*Сен экөөбүз улуу сепил урагыс.*

*Жаратылыш алгач сага ырахмат,*
*Сүйгөнүмдү койгонуңа жаратып.*
*Жаштык, сүйүү түрбайбы бир ырахмат,*
*Жасалгасыз бир бирине жарашып.*

*Ырахматмын, баардыгына дүйнөдө,*
*Сүйгөнүмдү көрө аламын ар күнү.*
*Сүйүү болсун түгөнбөгөн үйлөрдө,*
*Сүйөөр болсун жашап жүрсө ким тирүү.*

*О билгиле адам болгон жери бүт,*
*Сүйүү мени ай-ааламдай кеңейтти.*
*Сен сүйгөнүм дайым кечте мени күт,*
*Майрамдайбыз сүйүү берген жеңиштти!*

## Ак булуттар

*Каалгып ак булуттар көчөсүңөр,*
*Канча бир жерлер басып өтөсүңөр.*
*Түрүлүп түгөнбөгөн сапар тартып,*
*Түнөргөн тоо башына түнөйсүңөр.*

*Кайчы өткөн тагдыр менен жолго чыгып,*
*Силерди, ак булуттар, жолдош кылып,*
*Мен келип алтын кумду көл жээгине,*
*Олтурам эскерүүдө ичтен сызып.*

*Сезгендей айрылаарды коркоор элем,*
*Алтын кум сен баарына орток элең.*
*Өчөшүп бизди өксүткөн жаңылууга,*
*Өмүрдүн өрүн көздөй жалгыз келем.*

*Кайгынын каран түнүн жарык кылаар,*
*Каралдым, жашоодо көп жакшылык бар.*
*Сен азыр эмнени ойлоп турдуң экен,*
*Айдалып бараткында ак булуттар.*

*Көл жээги, касиеттүү Көлдүн жээги,*
*Көрбөдүң, өткөрбөдүң эмнелерди.*
*Адашып сүйгөнүмдөн келдим сага,*
*Сүйүүмдү айла кылып кайрып берчи.*

## Кош, Ысык-Көл...

*Кош Ысык-Көл, жолугушуу алдыда,*
*Кош толкундар, силер да аман калгыла.*
*Көрүнбөгөн бир бөксөрүү, бирде өксүү,*
*Энчиленген биздин кербез тагдырга.*

*Күтөт мени кездешүүлөр белгисиз,*
*Аман болсок эчен ойнот келээрбиз.*
*Бакытыңды ашыгыраак канчалык,*
*Көз көрүшүү алтын баага теңегис.*

*Мен сезимдин эркине эрте багынып,*
*Жүрдүм мында салкыныңды жамынып.*
*Апакемди кээде эсимден чыгарып,*
*Асты унутпай сени эстеп сагынып.*

*Жүрөм толуп жүрөгүмдө байлык бар*
*Сен бере элек, мен ала элек кайрыктар.*
*Алып бүтпөс агып жаткан кенчимдей*
*Аны албаган мен өзүмдө айып бар.*

*Мейли албасам болсун аман алтын баш,*
*Алып коер бизден кийин келчү жаш...*
*Көл алдында перзенттик бир милдет ал,*
*Көрүшөбүз кайгы кубаныч аралаш.*

*Жаштык деми кан ойнотуп ээлентип,*
*Кайда кетип, кайда барып келбедик.*
*Биз турмуштан бийик, жапыз күн көрдүк,*
*Сенде турду кебелбеген тереңдик.*

*Катуу түштү, жумшак түштү жолубуз,*
*Кээде кыска, кээде узарды колубуз.*
*Кайда, кантип жүрсөк дагы бир болду,*
*Сени менен чырмалышып оюбуз.*

*Болдум далай чоочун өлкө, чет элде,*
*Мага сендей табылган жок эч жерде.*
*Калган жашты сага аманат калтырып,*
*Жолугуу үчүн кош айтышам кетээрде.*

*Кош Ысык-Көл, көз көрүшүү алдыда,*
*Кош толкундар, силер да аман калгыла.*
*Түгөнбөгөн бир бөксөрүү, бирде өксүү*
*Буйруп калган биздин учкул тагдырга.*

## Чарчоонун бешинчи ыры

### Тегирменичи

*Чарчоонун бешинчи ыры –*
*Кышында*
*түштөн кийин*
*жазылды*
*Тегирменге барган күнү.*

*Мамыт жезде*
*Көзү кызыл*
*Кайыш ычкыр*
*Жаргак шымчан киши эле.*

*Мамыт жезде*
*Жайдыр-кыштыр*
*Тегирменде*
*Каңыр-күңүр камчыгайда*
*Жалшыз үй*
*Жалгыз эшик*
*Короодо жалгыз эшек*
*Бир өрүк, да бир терек.*
*Сакалы кызыл жээрде*
*Мамыт жезде*
*Күнү-түнү*
*Тегирменде*
*Өмүрү өткөн киши эле.*

*Мамыт жезде*
*Жайдыр-кыштыр*
*Ачуулуу эле*
*Мас боло бозо ичкенде*
*Аялын жанчат экен*
*дешчү эле.*

*Кышында түштөн кийин*
*Эшекке артып*
*шактык эгин*
*Жолдо ката*
*“Эсимде” деген ырды ырдап келдим.*

*Адатындай көздөрүн бат-бат ымдап,*
*Адатындай*
*Ыр эмести кың-кың ырдап,*
*Өтүктүн кеп жыгачын ууштай кармап,*
*Олтуруптур төрүндө*
*Мамыт жезде*
*Баш багып мен үйүнө кирген кезде...*

*Тарс эле этти.*
*Бозо куюп олтурган Зыйнаш эже*
*кулап кетти.*
*Чекесинен сызылган кан*
*Сол ууртуна агып жетти.*

*Эч нерседен капарсыз турган кезде*
*Бозо куюп олтурган Зыйнаш эже –*
*Өтүктүн кеп жыгачы учуп барып*
*Кадалды как чекеге.*

*Мамыт жезде*
*Мурутун жанып-жанып*
*Кайра олтурду ордуна мооку канып.*
*Билбеймин бар беле анда*
*Күнөө анчалык?*
*Ал күнү тегирменди салбай кеттим*
*Шалдырап бүткөн боюм бүт чарчанып,*
*Чекемен кан сызылып*
*Ууртума агып...*

*Сакалы кызыл жээрде*
*Мамыт жезде...*
*Аялы Зыйнаш эже*
*Төрөбөгөн киши эле...*



**Кыргыз тили**
*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

**Башкы редактор:**
Дүйшөн КЕРИМОВ

Нөөмөт тел.:
0(504) 14 04 92

КР Юстиция министрлигинде катоодон өткөн. №1381
Жарыяланган автордук материалдар редакциянын көз карашын билдирбейт

**ДАРЕГИБИЗ:**
720040, Бишкек шаары,
Бөкөнбаев көчөсү, 182
**Гезиттин эсеп-кысабы:** ОАО Дос-Кредобанк фил."Берекет"
БИК 121008 р/с 1212000300007078
ОК ПО 24637707
ИНН 00104200810048

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары,
Ибраимов көчөсү, 24

**Буюртма:**1005
**Нускасы:**3250